# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | АПРЕЛЬ-МАЙ 2019 | № 4-5 (90-91) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**Көңүл чордонунда**

Таштанды көйгөйү мамлекеттин катышуусу менен аймактык деңгээлде чечилүүгө тийиш ... 2

**Административдик-аймактык реформа**

ЖӨБдү ирилештирүү: кайсы жолду тандаш керек? ... 8

**ЖӨБдүн социалдык кызмат көрсөтүүлөрү**

Кочкор-Ата мамлекеттик социалдык заказды киргизүүдө ... 13

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

Эмне үчүн балдар жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышыш керек? ... 17

Жергиликтүү жамааттар өз күчү менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелешип, жергиликтүү маанидеги маселелерди кантип чечип жатышат? ... 22

**Юридикалык консультация**

ЖӨБ менен ЖМАнын өз ара мамилелери тууралуу. Берилген ыйгарым укуктар боюнча отчеттуулук жөнүндө. Мектепти каржылоого кеткен чыгымдар тууралуу. Эл каттоону жергиликтүү бюджеттен каржылоо тууралуу ... 32

**Мыйзамдардагы жаңылыктар**

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу. Пробация жөнүндө. Административдик-аймактык реформаны өткөрүү боюнча кеңеш тууралуу. Балдарга карата ырайымсыз мамилени жана зомбулукту болтурбоо тууралуу ... 36

**ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун жаңылыктары**

ЖӨБ органдары мыкты практикалар порталынан эмнелерди күтөт? ... 39

Чүй, Ош жана Нарын облустарындагы 30га жакын элеттик муниципалитет өздөрүнүн СЭӨ программаларын даярдашат ... 40

Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттер боюнча түзүү: web-багытындагы тиркеме ... 41

Акимдер айылдык чогулуштарга эмне үчүн катышат? ... 42

Кыргызстанда дагы бир айылдык аймактын расмий веб-сайты ачылды! ... 44

**ӨСИнин жаңылыктары**

Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын облустарындагы жана Бишкек шаарындагы 17 мектеп финансылык сабаттуулук боюнча Окуу-методикалык жыйнагын алат ... 45

Балдар менен жаштарга ыңгайлуу муниципалитеттер Социалдык-экономикалык өнүгүү планын даярдашат ... 46

МСЗ механизминин жардамы менен кандай маселелерди чечүүгө болот? ... 47

Кыргызстанда "өсүш башаты" катары белгиленген 18 шаардын арасында "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу шаар" аттуу конкурс жарыяланды ... 48

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***


Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.
**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үметалиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




*Бул көрүнүштү унутуу оңой эмес. 2007-жыл. Ноябрь. Кыргыз Республикасынын тоолуу аймагындагы шаар. Боз ала асман. Сүрү катуу тоолор. Айлана-тегеректе миңдеген, он миңдеген полиэтилен баштыктары учуп жүрөт. Сөөктөн өткөн шамал жүрөктүн үшүн алчудай шыбыш менен баштыктарды шаардын бозчаңгыл көчөлөрүнө айдап баратат.... Ушундай болгуң келеби, айтчы, Кыргызстандагы муниципалитет?*

# Таштанды көйгөйү мамлекеттин катышуусу менен аймактык деңгээлде чечилүүгө тийиш

***Катуу тиричилик калдыктарын башкаруу системасын өркүндөтүү боюнча Швейцария Өкмөтү каржылаган "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу", "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" долбоорлору жана Өнүктүрүү саясат институту чогуу даярдаган сунуштар***

ЖӨБ органдарынын бардык жетекчилери жана кызматкерлери, ошондой эле Кыргызстандын көптөгөн жарандары таштанды жыйноо жана чыгаруу маселеси – муниципалдык, жергиликтүү гана көйгөй деп ойлошот. Мамлекеттин башын ооруткан мындан да терең, жалпы мааниге ээ маселелер бар дешет. Бирок таштандынын учурдагыдай көлөмү, сапаты жана ээ-жаа бербей калган таштанды жайлары ландшафттарды өзгөртүп, айлана-чөйрөгө, адамдын ден соолугуна, атүгүл бизнестин өнүгүүсүнө да терс таасирин тийгизип жатат. Чолпон-Атадагы шаардык кум жээкте Ысык-Көлдүн түбүн карап жаткан же жээктин жанындагы айылга кокусунан эле кирип келген ту-

ристтин ордуна өзүңүздү коюп көрүңүзчү. Өлкөнү план аткарып жаткандай, эч аёосуз эле таштандыга толтуруп жатабыз. Таштанды жаткан жерлерди эч ким кайтарбайт, жердин күрдүүлүгүн калыбына келтирбейт, айыл чарба жерлеринин баалуу запастарын улам эле таштанды үчүн алдырып жатабыз. Бирок бул жергиликтүү маанидеги маселе эмес болсочу? Балким, биздин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыбыз барган сайын эле чоңоюп бараткан таштанды "фудзиямасын" жок кылуу тапшырмасын аткарууга жөндөмдүүбү деген суроо бышып жетилгендир? Алар таштанды жыйноо жана чыгаруу иштерин уюштура алышат жана муну жасашы керек. Бул – талашсыз. Бирок таштандыны жок кыла алышабы? Бул алардын мойнуна жүктөлгөн маселеби?


## Кырдаалга кыскача анализ

Катуу тиричилик калдыктарын башкаруу маселеси ЖӨБ органдарынын ыйгарым укуктарына өткөрүлүп берилген. Ал жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесинде №11 маселе катары киргизилген жана төмөнкүдөй деп аныкталган: турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана жок кылууну уюштуруу. Бирок көп жылдардан берки практика көрсөткөндөй, бул маселе өзүн эч актабаган, башкаруунун түрдүү деңгээлинде аткарылууга тийиш болгон түрдүү масштабдагы функцияларды камтып жатат. Иш жүзүндө ЖӨБ органдары таштанды жыйноо жана чыгаруу функцияларын аткара алышат, бирок таштандыны жок кылуу үчүн дараметке ээ эмес. Муну КР Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттик чогулткан жана ЖДККЖ Долбоорунун колдоосу менен талданып чыккан маалыматтар ырастап турат (маалыматтар ЖӨБЭММАдан алынды).

Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маалыматына ылайык, Кыргыз Республикасында 374 таштанды полигону бар, алар жалпы жонунан 616 гектар жерди ээлейт. Ошону менен бирге алардын басымдуу бөлүгү – 57% - таштандыны башкаруучу полигондор эмес, бир гектардан кем эмес аянтты ээлеген таштанды төкчү жер болуп саналат. Демек бул жайларда замандын талаптарына жооп берген таштандыны жок кылуу иштери жүргүзүлбөйт дегенди билдирет. Ошону менен бирге, тийиштүү мамлекеттик каттоо актысы бар, мыйзамдуу же уруксат берилген полигондор деп 13 пайызын гана айтса болот. Мындан улам Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маалыматы боюнча, дээрлик 534 гектар жерди мыйзамсыз, уруксат берилбеген таштанды жайлары ээлеп жатат (87%). Иш жүзүндө бул жерлердин саны мындан да көп, себеби уруксат берилбеген таштанды жайлар бардык жерде улам чыга калууда жана мамлекет бул фактарды көзөмөлдөп, реакция жасоого үлгүрбөй жатат. Калктын санынын өсүшүн эсепке алуу менен, 2050-жылы таштанды ээлеген жерлердин аянты 1300 гектарга жетет деп божомолдосо болот. Ошону менен бирге таштанды айыл чарба багытындагы сапаттуу жерлерди же калктуу конуштардын жерлерин ээлеп калып жатат.

Мыйзамсыз полигондордун эң көп үлүшү Ысык-Көл облусуна туура келет. Бул жерде майда полигондордун же көлөмү кичинекей болгондуктан (бир гектардан аз) башкарууга ээ-жаа бербеген жөн гана таштанды төгүлгөн жайлардын эң жогорку үлүшү аныкталган.

***1-сүрөт. Мыйзамсыз полигондордун үлүшү, % менен***





***1-таблица. Кыргыз Республикасынын облустарына бөлө келгенде, полигондор ээлеген жерлердин аянты жана категориялары***

| Облус | Айыл чарба багытындагы жер, гектар менен | Калктуу конуштардын жерлери, гектар менен | Өнөр жай, транспорт жана байланыш, энергетика, коргонуу жана башка багыттагы жерлер, гектар менен | Токой фондунун жерлери, гектар менен | Жалпы жерлер, гектар менен | Таштанды жайлардын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | 108,281 | 0,5 | | | 108,781 | 82 |
| Жалал-Абад | 75,865 | 12,2 | 1,5 | 6,55 | 96,115 | 42 |
| Нарын | 78,64 | | | | 78,64 | 94 |
| Баткен | 63,45 | 0,25 | | | 63,7 | 26 |
| Чүй | 96,45 | 66 | 21,8 | | 184,25 | 49 |
| Ош | 34,47 | | | 1 | 35,47 | 30 |
| Талас | 49,35 | | | | 49,35 | 51 |
| **КР боюнча** | **457,156** | **78,95** | **23,3** | **7,55** | **566,956** | **323** |

Кыргыз Республикасы боюнча ар бир таштанды жайы орточо 19 миң адамды тейлейт. Эл аралык стандарттар боюнча өзүн актаган полигон 250-300 миң адамга эсептелиниши керек. Ошону менен бирге регионалдык алкактан алганда, бир полигон тейлеген адамдардын санында чоң айырма бар – үч миңден 55 миңге чейин. Эң начар кырдаал Чүй, Ош, Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында байкалууда.

***2-сүрөт. Бир гектардан аз аянтты ээлеген таштанды жайларынын үлүшү, % менен***





КТКны жок кылуу үчүн жооптуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары КР Өкмөтүнө тынбай кайрылып келишет. Алар Өкмөттөн жаңы полигондорду жол-жоболоштуруп берүү үчүн жерлерди трансформациялоону өтүнүшөт. Бирок бул аталган тармакты өнүктүрүүнүн экология үчүн кыйратуучу жол. Анткен менен ЖӨБ органдарында башка альтернативалык чечимдер жок. Себеби бир дагы айылдык аймакта жана көпчүлүк шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында жакынкы келечекте заман талабына жооп берген полигонду түзүп, башкаруу үчүн эч кандай ресурстары болбойт. Себеби анын курулушуна эле 70 миллион сомдон 200 миллион сомго чейинки көлөмдөгү инвестиция зарыл. Ал эми элеттик ЖӨБ органдарынын 2018-жылдагы орточо бюджети болгону 24 миллион сомду түзгөн. Бул сандар ушул тапта Кыргыз Республикасында бир дагы ЖӨБ органында КТКны заман талаптарына ылайык жок кылуу процессин ойдогудай уюштуруу үчүн жетиштүү ресурстук потенциал жок дегенди билдирет.

## Башкаруу деңгээлдериндеги жоопкерчиликти бөлүштүрүү чөйрөсүндөгү тенденциялар

Ошол эле маалда бул тармакты өнүктүрүүнүн дүйнөлүк тенденциялары таштандыга карата мамилени өзгөртүүнү талап кылып жатат: таштанды коркунуч катары каралып, кызмат көрсөтүүнү уюштуруу зарылчылыгы гана болбошу керек. Таштанды өндүрүш үчүн чийкизат да болуп берет. Турмуш-тиричилик калдыктарын жок кылуу боюнча көптөгөн заманбап ишканалар өз чыгашаларын жарым-жартылай же толугу менен актап жатат. Бул үчүн өндүрүштү туура жолго салуу зарыл. Ошону менен бирге улуттук өкмөттөр таштандыны жок кылуу иштери үчүн жоопкерчиликти өзүнө көбүрөөк ала баштashты. Бул үчүн алар таштандыны жергиликтүү маанидеги маселеден жалпы мамлекеттик маанидеги маселелердин категориясына өткөрүп жатышат. Мисалы, 2017-жылы Орусия Федерациясында масштабдуу реформа башталган. Ага ылайык, 2030-жылга чейин таштандыны сорттоо, таштандыны туура эмес жок кылуу үчүн катаал санкциялар, кайра иштетүүгө жарамдуу таштандыны көмүүгө баскыч-баскыч менен тыюу салуу каралган. Ошону менен бирге таштандыны жок кылуу иштери региондордун деңгээлине өткөрүлө баштады. Бул үчүн федерациянын субъекттери коммуналдык катуу тиричилик калдыктарын иштетүүнүн аймактык схемаларын даярдашууда. Бул схемаларда таштандыны Орусия Федерациясынын субъекттеринин аймагында белгиленген мөөнөттүн ичинде жыйноо, ташып жеткирүү, жок кылуу, зыянсыздандыруу жана көмүү каралган. Андан соң аймактык схемалар аткаруу бийлигинин федералдык органынын Орусия Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу тийиштүү аймактык органдары менен макулдашылат. Ошентип Орусиянын борбордук бийлиги КТКны өлкөнүн аймагында башкаруунун жыйынтыгы үчүн өзүнө жоопкерчилик алууда. Муну менен бул маселе улуттук масштабда болгону белгиленүүдө. Бирок КТКнын коммерциялык сырьелук потенциалын эсепке алуу менен, Орусия Федерациясы реформаны негизинен бюджеттен тышкаркы каражаттардын, анын ичинде жеке инвестициялардын эсебинен ишке ашырууну пландап жатат.

***3-сүрөт. Бир полигон тейлеген адамдардын саны***




КТКны башкаруунун ушул өңдүү схемалары Европа өлкөлөрүндө, анын ичинде мурдагы социалисттик блокко кирген өлкөлөрдө да барган сайын көбүрөөк колдонула баштады. Мисалы, Латвияда КТК маселеси башкаруу деңгээлдерине бөлүштүрүлүп берилген: муниципалитеттер таштандыны жыйноо жана чыгаруу ишин жүзөгө ашы-

рат, ал эми ЖӨБ органдары акционердик коом түрүндө түзгөн регионалдык ишкана болсо таштандыны жок кылат. Мындай ишкана өкмөттүн колдоосунда муниципалитеттер ортосундагы кызматташтыктын негизинде түзүлгөн. Ошону менен бирге акыркы ондогон жылдары көптөгөн өлкөлөрдө КТКны башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзам чыгаруу базасы олуттуу түрдө өзгөрдү. Себеби азыркы кырдаал ошону талап кылууда: топтолгон таштандынын көлөмү өсүп жатат, экологиялык коркунуч жана коммерциялык баалуулугу жогорулады; таштандыны жок кылуу иштери боюнча ыйгарым укуктар бөлүштүрүлө баштады, таштандыны жок кылуу чөйрөсүндө технологиялар өнүгүүдө ж.б.

Кыргыз Республикасында 2001-жылдын 13-ноябрындагы №89 "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилгенине карабастан (өзгөртүүлөр 2018-2019-жылдары киргизилген), Мыйзам бул көйгөйдү натыйжалуу чечүүгө көмөктөшкөн ченемдерди камтыбайт. Айталы, 4-berене бул чөйрөдөгү бардык ыйгарым укуктарды жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын да, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын да ыйгарым укуктарына киргизген. Мунун натыйжасында мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттердин чыгаша милдеттенмелери кайрадан аралашып калып, таштандыны жыйноо, чыгаруу жана жок кылуу үчүн жооптуу болгон органды аныктоого жол бербей жатат.

Ошону менен бирге бул берене КТКны башкаруу боюнча аймактык пландарды иштеп чыгуу зарылчылыгын белгилейт. Бирок мыйзамда планды даярдап, аткаруу тартиби көрсөтүлгөн эмес. Мындан улам бул ченемдин пайдасы жок болуп, ал иштебей калууда. Жалпысынан 4-берене бийлик органдары тарабынан КТКны башкарууну уюштурууга байланышкан жалгыз берене бойдон калууда. Жоопкерчиликти чектеп, кайталаганы үчүн анын мазмуну бул чөйрөдөгү башкаруу системасын талаптагыдай түзүүгө жол бербей келатат.

## Орусия Федерациясында КТКны башкаруу реформасынын этаптары

1. **Өлкөнүн ар бир регионунда калдыктарды иштетүүнүн аймактык схемаларын даярдоо жана макулдашуу.**
2. **Калдыктарды иштетүүнүн бардык цикли үчүн жооптуу болгон регионалдык операторлорду тандап алуу.**
3. **Калдыктарды иштетүү боюнча кызмат көрсөтүүгө регион боюнча бирдиктүү тарифти белгилөө.**
4. **Региондордо калдыктарды жок кылуу боюнча заман талабына жооп берген жогорку технологиядагы комплекстерди түзүү.**
5. **Бул чараларга параллелдүү региондордо таштандыны өз-өзүнчө сорттоону киргизүү да пландалып жатат.**

## Жергиликтүү мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктары

**Калдыктар менен иштөө жаатындагы жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:**

- **калдыктар менен байланышкан апааттарды, авариялардын алдын алуу боюнча чараларды көрүү;**
- **калдыктар менен байланышкан апааттардын, авариялардын кесепеттерин жоюу боюнча чараларды жүзөгө ашыруу;**
- **калдыктар менен иштөө жаатындагы региондук программаларды иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу, ошондой эле мамлекеттик программаларды аткаруу;**
- **калдыктар менен иштөө жаатында өздөрүнүн аймагында жайгашкан ишканалардын жана уюмдардын ишине контролдук кылуу;**
- **калдыктарды иштетүү, кайра иштетүү жана көмүү боюнча жаңы объекттерди курууну, иштеп жаткан объекттерди кеңейтүүнү жана реконструкциялоону каржылоо үчүн юридикалык жана жеке жактардын, жергиликтүү бюджеттин жана бюджеттен тышкаркы фонддордун каражаттарын чогултууну уюштуруу;**
- **калдыктарды чогултуунун сарамжалдуу тутумун уюштуруу, ал компоненттерди өз-өзүнчө чогултууну (тамак-аш калдыктары, түстүү жана кара металл, текстиль, айнек, кагаз жана башкалар), калдыктарды сактоону, дайыма ташып чыгууну, зыянсыздандырууну, утилдештирүүнү, ошондой эле ведомствого караштуу аймакты кайра культивациялоону карайт;**
- **калкты калдыктар менен иштөө, алардын сакталышынын абалы жана региондо кайра иштетүү боюнча маалымат менен кабардар кылуу.**

***2001-жылдын 13-ноябрындагы №89 "Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө" Мыйзамдын 4-беренеси***

Ошентип, КТКны башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдарда жаралган маселелер белгилүү болуп турат: башкаруу деңгээлдери ортосундагы жоопкерчилик анык эмес; КТКны башкаруу чөйрөсүндөгү башкаруу деңгээлдеринин жоопкерчилиги чабал жөнгө салынган ж.б.

## КТКны башкаруу реформасына карата сунуштар

Реформанын максаты – таштанды Кыргыз Республикасынын калкынын саламаттыгына, өмүрүнө, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө коркунуч жараткандай кырдаалдын түзүлүп калуусунан болочок муунду сактап калуу.

Реформанын милдеттери: калдыктарды өзөзүнчө чогултууну киргизүү, таштандыны талапка ылайык жок кылбоо үчүн катаал санкцияларды киргизүү, кайра иштетүүгө жарактуу калдыктарды көмүүгө тыюу салууну баскыч-баскыч менен киргизүү ж.б.

Бул узак мөөнөткө созулган, масштабдуу, капиталды талап кылган реформа болот. Буга байланыштуу реформаны ишке ашырууну төрт этапка бөлүп алыш керек.

КТКны башкаруу системасын кайра куруп чыгып, мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизээрден мурда КТКны башкаруу механизмин пилоттук режимде киргизүүнү жүзөгө ашыруу зарыл. Бул механизм жоопкерчиликти бөлүштүрүүнүн жаңы принциптерине негизделет.

Орусия Федерациясынын, Латвиянын жана башка өлкөлөрдүн тажрыйбасын колдонуп, пилоттук облуста КТКны башкаруунун аймактык же регионалдык планын даярдап чыгыш керек.

Пилоттук катары Ысык-Көл облусун тандап алуу сунушталат. Мунун бир нече себеби бар. Биринчиден, жогоруда айтылгандай, Ысык-Көл облусунда КТКны иштетүүгө карата жагымсыз кырдаал байкалууда. Экинчиден, Ысык-Көл облусу Кыргыз Республикасындагы рекреациялык туризмди өнүктүрүүнүн флагманы болуп саналат. Бул демек, бир жагынан таштанды маселеси туризмге терс таасирин тийгизүүдө, экинчи жагынан туристтик агымдын эсебинен топтолгон таштандынын көлөмү ыкчам көбөйүп жатат. Үчүнчүдөн, Ысык-Көл облусу табигый калыпта түптөлүп калган бирдиктүү регион.

КР Өкмөтүнө караштуу Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин маалыматына ылайык, Ысык-Көл облусунун аймагында 82 полигон орун алган. Алардын ичинен 8 пайызы гана (7 полигон) жарым-жартылай мыйзамдуу статуска ээ (мамлекеттик үлгүдөгү актылар бар). 22 полигондун аянты бир гектардан ашат. Болгону жети полигондо мамлекеттик үлгүдөгү акт бар. Дээрлик бардык полигондор СССР заманынан бери иштеп жатканын белгилей кетели. Мындан улам заман талабына ылайык стандарттар боюнча (бүгүнкү күнгө карата) уруксат берүүчү документтерди мамлекеттик бийликтин ыйгарым укуктуу органдары кайра эле кайталап чыгарууда. Облус боюнча



жалпысынан күмөндүү полигондор 108,8 гектар жерди ээлейт, негизинен бул – айыл чарба багытындагы жерлер.

Ысык-Көл облусунда калдыктарды башкаруунун регионалдык планынын максаттары – экономикалык өсүштү тездетүүнүн эсебинен таштандынын кар көчкү сымал пайда болуусун алдын алуу, таштандынын жалпы санын бир кыйла кыскартуу; калдыктарды көмүү ишин ирээтке келтирүү; калдыктарды жок кылуу жана кайра иштетүү чөйрөсүнө инвестицияларды тартуу; туш келди жерде, уруксатсыз пайда болгон таштанды жайлардын санын кыскартуу; адамдардын жана уюмдардын калдыктарга карата мамилесин өзгөртүү (таштандыны сорттоо, кызмат көрсөтүү үчүн өз убагында төлөө, мыйзам бузса айып төлөө); бул тармакта жаңы жумуш орундарын түзүү. Мына ушул максаттарга жетүү үчүн план бир катар ырааттуу иш-аракеттерди камтышы керек:

- калдыктардын эч көзөмөлсүз пайда болуу себептерин жок кылуу, анын ичинде ресурстарды үнөмдөөчү технологияларды киргизүү жолу менен;
- калдыктардын санын (көлөмүн) жана коркунучун азайтуу;
- калдыктарды кайра иштетүү жана өрттөө үчүн шарттарды түзүү;
- калдыктарды калктын өмүрүнө жана саламаттыгына, айлана-чөйрөгө жана адамдардын мүлкүнө коркунуч келтирбей тургандай жок кылуу;
- жабык жана мыйзамсыз полигондордун рекультивациясын камсыз кылуу.

Ысык-Көл облусунда калдыктарды башкаруунун регионалдык планы бери дегенде 10 жылга (2020-2030-жылдарга) иштелип чыгып, төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтышы керек:

- калдыктарды иштетүүнүн регионалдык планын камтыган региондун сүрөттөлүшү, анын максаттары жана бул максаттарга жетүү чаралары,
- калдыктарды иштетүүнүн мүнөздөмөсү, анын ичинде бул багытта жасалган анализ (пайда болгон, чогулган, калыбына келген жана жок кылынган калдыктар, алардын саны жана булактары тууралуу маалыматтар);
- калдыктардын агымын божомолдоо;
- калдыктарды кайра колдонууга, аларды иштетүүгө, жок кылууга жана айлана-чөйрөгө зыян келтирбегендей көмүүгө даярдыкты жакшыртуу үчүн көрүлүшү керек болгон чаралар;
- калдыктарды иштетүү системасынын өнүгүүсүн баалоо, анын ичинде калдыктарды өз-өзүнчө сорттоо үчүн зарыл болгон кошумча инфраструктура, калдыктарды жыйноо же жок кылуу үчүн жаңы жабдууларга зарылчылык, мыйзамсыз полигондорду жабуу, жабдуулардын көлөмү жана алар орнотулчу жерлерге коюлган критерийлер;
- калдыктарды иштетүү боюнча регионалдык планды ишке ашыруу үчүн жооптуу мекемелер;
- калдыктарды иштетүү боюнча регионалдык планда каралган чараларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон каржылоо, анын ичинде техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдар;
- планды ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн зарыл болгон, калдыктарды иштетүү жаатындагы ченемдик-укуктук базаны өзгөртүүгө карата коюлган талаптар.

Калдыктарды иштетүү боюнча регионалдык план муниципалдык калдыктар тууралуу маалыматтарды да камтышы керек. Анын ичинде: биобузулуучу калдыктар, өндүрүштүк, кооптуу, мунай продукттары, батареялар жана аккумуляторлор, электр жана электрондук жабдуулардын калдыктары, колдонуу мөөнөтү бүткөн транспорт каражаттары, медициналык жана ветеринардык дарылар, полихлордолгон бифенилдер жана полихлордолгон терфинелдер, курулуш таштандылары.

Ысык-Көл облусунда алынган тажрыйбага таянуу менен, катуу тиричилик калдыктарын иштетүү тууралуу мыйзамдын жаңы редакциясын даярдоо зарыл. Бул мыйзам айлана-чөйрөнү, адамдын өмүрүн жана саламаттыгын коргоо үчүн калдыктарды иштетүүнүн жол-жоболорун толук камтышы керек. Бул максатка калдыктарды кыскартуу, аларды сорттоо, кайра иштетүү, ошондой эле жаратылыш ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга көмөктөшүү жана жок кылынуучу калдыктардын санын азайтуу жолу менен жетсе болот. Бул мыйзам болжол менен төмөнкүдөй бөлүмдөрдү камтышы мүмкүн:

- КТКны иштетүү чөйрөсүндө мамлекеттик бийлик органдарынын компетенциясы;
- КТКны иштетүү чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясы;
- калдыктарды иштетүү планы жана таштандынын пайда болуусун кыскартуу программасы;
- калдыктарды жөнгө салууну жана муну текшерүүнү жөнгө салуу;
- таштандынын пайда болуусу үчүн жооптуулардын милдеттери;
- калдыктардын айрым түрлөрүн иштетүүгө карата талаптар;
- калдыктарды иштетүү үчүн акы;
- калдыктарды чек аралар аралык ташуулар.

Ысык-Көл облусунда алынган тажрыйбага жана жаңы мыйзам чыгаруу базасына таянуу менен Кыргыз Республикасынын бардык аймактары үчүн Калдыктарды иштетүү боюнча регионалдык планын даярдап, андан соң аларды өкмөттүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жеке бизнестин катышуусу менен аткарыш керек. M

# ЖӨБдү ирилештирүү: кайсы жолду тандаш керек?

***Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүндө реформаны этап-этабы менен жүргүзүүнүн Жол картасындагы "Административдик-аймактык бирдикти оптималдаштыруунун негизги критерийлерин аныктоо" аттуу 13-пунктунун аткарылышы боюнча Швейцария Өкмөтү каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс", "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорлору жана Өнүктүрүү саясат институту чогуу даярдаган сунуштар***



## Ирилештирүүнүн пайдасына келтирилген жүйөлөр

Административдик-аймактык бирдиктерди ирилештирүү (бириктирүү) жаатындагы эл аралык практика жана административдик-аймактык түзүлүштө реформа жүргүзүү тажрыйбасы аймактык консолидациянын (ири субулуттук юрисдикцияларды түзүүгө алып келген биригүүлөрдүн) пайдасына төмөнкүдөй жүйөлөрдү берет.

Ири жергиликтүү бийлик органдарында бир катар кеңири функцияларды камсыз кылуу үчүн мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк болот. Ошондуктан аймактык консолидация жергиликтүү деңгээлде көбүрөөк кызматтарды көрсөтүүгө жол ачат. ИДП менен салыштыра келгенде, көлөм жагынан орточо муниципалитет менен муниципалдык чыгашалардын салыштырма салмагы ортосунда түз байланыш бар.

Масштабдын эффектиси жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ири бөлүмдөрүндө дагы да арзан, дагы да натыйжалуу кызмат көрсөтүүлөрдү колдонууга жол ачат. Бул практиканын эң эле айкын далили муниципалдык администрациянын чыгашалары тууралуу маселе боюнча берилген (Swianiewicz-2002).

Ири жергиликтүү бийлик органдары көбүрөөк функцияларды аткара алгандыктан жарандар жергиликтүү саясатка катышууга көбүрөөк кызыкдар болот деген ыктымалдуулук жогору (Dahl and Tufte 1973). Мындай чечмеленишинде консолидация жергиликтүү демократияны илгерилетүүгө жардам берет.

Бийликтин жергиликтүү ири органдарынын биригүүсү муниципалитеттер ортосундагы кирешеде айырманы азайтууга жол ачат. Мунун натыйжасында горизонталдык теңдештирүү системасына басым да азаят (теңдештирүүчү гранттардын саны жана көлөмү азаят, дотациядагы муниципалитеттердин саны кыскарат).

Жергиликтүү бийликтин ири органдары экономикалык өнүгүүнү пландоодо көбүрөөк натыйжага жете алышат, бул болсо региондорду өнүктүрүү саясатына өтүүнү камсыз кылат.

Аймактык жактан бириктирилген системаларда "тийип-качып жүргөндөрдүн" санын азайтуу бир кыйла жеңил. Башкача айтканда, жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөрдү башка юрисдикцияда жашаган (жана жергиликтүү салыктарды төлөгөн) адамдар колдонгон учурлар азаят. Бир сөз менен айтканда, консолидация административдик чек аралар менен калкты тейлөө зоналары ортосундагы дал келбестиктерди азайтууга жардам берет.

## Ирилештирүүгү каршы келтирилген жүйөлөр

Бириктирүүгө каршылардын да өз жүйөлөрү бар. Чакан жергиликтүү юрисдикцияларды коргоо адатта демократиянын пайдасына келтирилген жүйөлөргө негизделет. Чакан жамааттарда жарандар/шайлоочулар менен жергиликтүү башкаруу органдары ортосунда байланыш дагы да тыгыз. Өз ара ишеним көбүрөөк, маалыматтардын агымы жөнөкөй, мындан улам жергиликтүү бийлик органдары жергиликтүү калк алдында көбүрөөк отчеттуу. Чакан муниципалитеттердин тургундары жергиликтүү бийлик органдарынын ишине көбүрөөк канааттанарын ырастаган бир нече изилдөөлөр бар. Көпчүлүк өлкөлөрдө чакан муниципалитеттерде жарандар жергиликтүү коомдук иштерге көбүрөөк кызыгат – жергиликтүү шайлоого көп адам катышканы мунун далили (Борбордук жана Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн маалыматтары боюнча – Swianiewicz-2002). Мурицен (2008-жылы) Батыш Европадагы бул эрежени тастыктаган моделди көрсөткөн. Аны 1-сүрөттөн көрө аласыз.

Бирок эмпирикалык далилдер Европа өлкөлөрүндө муниципалитеттерди ирилештирген учурда калктын ЖӨБ органдарына болгон ишениминин төмөндөөсүнүн терс таасири 25-30 жыл мурдагыга салыштырмалуу азыраак байкалганын ырастап жатат. Буга төмөнкү себептер көмөк болду:

- муниципалдык кызматчылар жергиликтүү өз алынча башкаруунун көлөмүнө карабастан өлкө боюнча кесипкөй иштей баштады;
- маалыматты ыкчам жеткирген массалык коммуникациялар мыкты өнүгүүдө;
- күнүмдүк жашоо образынын гомогенизациялануусу (бир өңчөй болуусу).

Анткен менен Кыргызстанда жогоруда айтылган үч көрүнүштүн ичинен экинчиси гана байкалууда – маалымат алмашуу күчөдү. Ошондуктан ирилештирүү тууралуу чечим кабыл алып жатканда жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга болгон ишеним деңгээлин сактап калуу үчүн кошумча чараларды да ойлонуштуруш керек. Төмөнкүдөй башка терс кесепеттер да болушу ыктымал.

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жеткиликтүүлүгү.** Кыргыз Республикасында транспорттук инфраструктура жана интернет байланышы көп жакшы өнүкпөгөн элет жергелеринде бул чоң көйгөйгө айланышы мүмкүн. Айыл өкмөтүнө чейинки жол аралыгы алыскы айылдарда жашаган адамдарга тоскоолдук жаратууда.

**Жергиликтүү жамааттардын иденттүүлүгү.** Чакан шаарларда жана айылдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул административдик маселелер менен алектенүүгө боло турган гана жер эмес. Бул ошондой эле коомдук турмуш кайнаган чордонго айланган жер. Ал жергиликтүү иденттүүлүк сезимин берет. Мындай жамааттарда жергиликтүү өз алдынча башкарууну жок кылуу жергиликтүү коомдук турмушка зыян келтириши ыктымал.


**Өз үнүн жеткире албай калуу коркунучу.** Жергиликтүү жамаат үнүн жеткире албай калуудан коркот. Мисалы, бюджеттик инвестициялар бөлүштүрүлүп жатканда муниципалдык борбор көңүл сыртында калтырып коюшу ыктымал деп кооптонот.

**Жаңы (бириктирилген) муниципалитеттин аймактары ортосундагы жаңжалдар.** Мындай жаңжалды пайда кылышы мүмкүн болгон кырдаалдын кадыресе мисалы: негизги шаар менен бириктирилип жаткан чакан шаардын ортосунда тиреш пайда болушу ыктымал.

Бул терс кесепеттерди алардын таасирин азайтуу максатында жүргүзүлгөн реформа менен чечсе болот. Аймактар менен борбордун ортосундагы аралыкка байланышкан көйгөйлөрдү азайтуу менен башкаруу иштерин жолго салуу мүмкүн. Мыйзамдарда муниципалитеттин бир бөлүгү экинчисине үстөмдүк кыла албай тургандай атайын жоболорду караштырса болот. Ошондой эле айылдын үнүн жеткирүүгө, жергиликтүү жамаатты шыктандырууга жардам берген субмуниципалдык органдар үчүн атайын жоболорду иштеп чыгыш керек.

Ирилештирүүгө "макулдардын" жана "каршылардын" жүйөлөрүн карап жатканда эң маанилүү нерсе – кескин чараларды көрбөш керек. Ашыкча фрагментация да, ашыкча консолидация да көйгөй жаратышы ыктымал.

***1-сүрөт. Жергиликтүү бийлик органдарына канааттануу индекси менен (0дөн 100гө чейинки шкала боюнча) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көлөмү (горизонталдык шкала – калктын саны, вертикалдык шкала – ишеним деңгээли) ортосундагы өз ара байланыш***




*Булак: Mourtizen 2008.*

# Учурда колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларда ирилештирүүнүн критерийлери

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №198 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы административлык-аймактык реформанын концепциясына ылайык, административлык-аймактык реформаны иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун максаты болуп региондордун потенциалын күчөтүүгө жана калктын жашоосун жакшыртууга багытталган мамлекеттик жана муниципалдык башкаруунун натыйжалуу системасын түзүү эсептелет.

Административлык-аймактык реформаны ишке ашырууда төмөнкүдөй базалык принциптер эске алынат:

- адамдын жана жарандын артыкчылыгы, мамлекетти адамдын укуктарын, коопсуздукту, бейпил жашоону камсыз кылуу, адамды жана коомду өнүктүрүүчү инструмент катары кароо;
- мамлекеттин аймагынын бирдиги, бүтүндүгү жана ажырагыстыгы;
- коомдук жашоону жана мамлекеттик башкарууну уюштурууда демократиялык ыкмаларды сактоо;
- үнөмдөө жана жыйынтыктуулук;
- региондордун социалдык, демографиялык, тарыхый, маданий жана экологиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу;
- реформаны өткөрүүнүн ачык-айкындыгы.

Концепциянын 2.1-пунктундагы талаптарга ылайык, айылдык аймактарды оптималдаштыруу максатында төмөнкүдөй негизги критерийлер боюнча муниципалдык административлык-аймактык бирдиктерди ирилештирүү сунуш кылынат:

- жаратылыштык-ландшафттык шарттар;
- бийик тоолуу алыскы, кыйындык менен жетүүчү жана чек ара жанындагы калктуу конуштарды кошпогондо калкынын саны 5000 адамга чейинки айылдык аймактарды бириктирүү зарылдыгы;
- муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн сактоо;
- муниципалдык башкарууну оптималдаштыруу;
- борборго жакындык (мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн калк үчүн жеткиликтүүлүгү);
- экономикалык базанын болушу.

Мында калк арасында кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү керек, алар административлык-аймактык бирдиктерди ирилештирүү үчүн юридикалык тоскоолдуктарды болтурбоого мүмкүндүк берет.

# Өкмөттүн облустардагы Ыйгарым укуктуу өкүлдөрү сунуштаган ирилештирүүнүн критерийлери

Өкмөттүн облустардагы Ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн айрым айылдык аймактарды ирилештирүү боюнча берген сунуштары менен таанышып чыгып, Өнүктүрүү саясат институту төмөнкүлөрдү маалымдайт.

Өкмөттүн Ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн сунуштарында калкынын саны 5000 адамга чейинки айрым айылдык аймактарды гана эмес, ошондой эле калкынын саны 8-9 миңге жеткендерин да чек аралаш, бири-бирине жакын жайгашкан айылдык аймактар менен бириктирүү сунуш кылынды. Бул болсо бириктирилип жаткан айылдык аймактардагы калктын санын 15 миңден 20 миңге чейин жеткирүү максатын көздөйт. Бирок калктын дал ушундай санына жетүү үчүн эч кандай саясий, социалдык же экономикалык жүйөлөр келтирилген эмес. Калктын саны негизги критерий болбогон жана ирилештирилген ар бир муниципалитет үчүн жекече мамиле жасоо эң эле туура жол болуп турат.

Алыскы айылдарда жашагандардын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында айылдык аймактардын алыскы айылдарын жакын жайгашкан айылдык аймактар менен бириктирүү, тагыраак айтканда башка ААнын карамагына өткөрүп берүү сунушталат. Бул жерде сөз ирилештирүү тууралуу эмес, калктуу конуштарды административлык-аймактык бирдиктер ортосунда кайра бөлүштүрүү жөнүндө болуп жатат. Бул болсо жарандардын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуунун алкагында жасалышы керек.

Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн айылдык аймактарды ирилештирүү боюнча сунуштары жалпысынан төмөнкүдөй критерийлерди эсепке алуу менен түзүлгөн:

- ирилештиргенге чейин жана андан кийин айылдык аймактын жалпы аянты;
- ирилештиргенге чейин жана андан кийин айыл чарба багытындагы жер участокторунун аянты;
- ирилештиргенге чейин жана андан кийин айылдык аймактардын калкынын саны;
- ирилештиргенге чейин жана андан кийин айылдык аймактардын жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгү;
- ирилештирүүдө айрым муниципалитеттердин кызматкерлери кыскарган учурда жергиликтүү бюджеттин чыгашаларын үнөмдөп калуу.

Анализ жасалгандан кийин сунуштар Концепциянын 2.1-пунктунда белгиленген төмөнкү критерийлерге шайкеш келбегени белгилүү болду:

- айрым айылдык аймактарды ирилеш-

тирген учурда жергиликтүү жамаат үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк;
- алыскы айылдардан ирилештирилген муниципалитеттин борборуна чейинки аралык,
- ирилештирүүгө карата жергиликтүү жамааттын пикири;
- ирилештирүүгө карата ЖӨБ органдарынын пикири;
- ирилештирилчү айылдык аймактардын экономикалык базасынын болушу;
- айылдык аймакты ирилештирүүдө анын социалдык-экономикалык абалына тийгизген оң жана терс таасирин баалоо;
- мамлекеттик, муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына тийгизген оң жана терс таасирин баалоо;
- айылдык аймакты ирилештирген учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадрдык дараметине анализ (муниципалдык кызматчылардын зарыл болгон саны);
- жаратылыш-климаттык, географиялык жана маданий-тарыхый шарттарды, этностук курамды, чек арага жакын жайгашкан аймактарды ж.б. талдоо.

Ошентип, Өкмөттүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн сунуштары зарыл болгон критерийлердин толук тизмесине негизделген эмес. Буга байланыштуу функционалдык зоналарга анализ жасоо усулу боюнча кошумча изилдөө жүргүзүү сунуш кылынат.

## ААР Жол картасынын 13-пунктун аткарууну улантуу боюнча сунуштары

Административдик-аймактык бирдиктерди кыскартууда негизги критерийлерди аныктап алуу үчүн “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоору функционалдык зоналарга анализ жасоону сунуш кылат. Калктын айрым топторунун өз ара байланышындагы экономикалык өңүттөр, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жаатында алардын байланышы жана муктаждыктары, ошондой эле ЖӨБ органдары ортосундагы институционалдык өз ара байланыштын өзгөчөлүктөрү.

Биринчи этабында “Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу” Долбоорунун күчү менен пилоттук райондор үчүн ушундай анализ жасап чыгуу, методологияны сыноо жана адаптациялоо (жергиликтүү эксперттерге окуу өткөрүп, бир облустагы бир нече райондорго пилоттук баалоо жүргүзүү) сунуш кылынат. Андан соң башка жактардын күчү менен бекитилген методология боюнча Кыргызстандын бардык аймактары үчүн ушундай анализ жасаш керек.

Методологиялык негизги аспаптар: колдо болгон маалыматтарга, ЖӨБ органдарынын паспортторуна жана жергиликтүү, аймактык деңгээлдердеги стратегияларга кеңсенин ичинде анализ жүргүзүү; негизги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана децентралдаштырылган мекемелердин өкүлдөрү менен маектешүү; жергиликтүү жана аймактык кызыкдар жактар менен фокус-топторду жүргүзүү. Мындай анализ тигил же бул регионго карата ирилештирүүнүн кайсы тибин колдонуш керектигин аныктоого жардам берет.

Эл аралык, анын ичинде Албаниянын тажрыйбасы көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасы үчүн ирилештирүүнүн бир нече модели колдонулса болот (ушул жерде жана мындан ары Албаниянын тажрыйбасы тууралуу сөз болот – Blendi, Karakaci, Pfaeffli, 2014-жыл).

### Ирилештирүүнүн борборлош модели

Бул модель бир маанилүү борбор бар деп карайт – ал шаар же райондун административдик борбору болушу мүмкүн. Бул жалгыз маанилүү рынок катары райондун экономикалык структурасына, ошондой эле кызмат көрсөтүүлөр жайгашкан жер катары маанисине байланышкан. Башка орто аралыктагы борборлор жок.

Функционалдык зона борборго жакын жайгашкан ЖӨБдө күчтүүрөөк болот, борбордон алыстаган сайын байланыш да азаят. Эрежеге ылайык, бул калктын жыштыгына шайкеш келет; шаардык же район борборунда калктын жыштыгы салыштырмалуу жогору болот; жакын жайгашкан ЖӨБдө калктын жыштыгы нормалдуу, ал эми борбордон алыс жайгашкан ЖӨБдө калктын саны аз болуп, өз ара байланыш да чабал болот. Мындай ЖӨБ функционалдык облустун чегинде болот; бирок алардын байланышы негизинен функционалдык зонанын борборуна багытталган.

Бул моделди алыскы жана бийик тоолуу райондор үчүн колдонсо болот.

### Ирилештирүүнүн полицентристтик модели

Функционалдык облустагы бул тип негизинен өрөөндөрдө жайгашкан, калктын жыштыгы жогору болгон жерлер үчүн колдонулат. Функционалдык зоналардын бул тибинин негизги мүнөздөмөлөрү:
- чоң жана өтө таасирдүү облустук экономикалык борбор жана кызмат көрсөтүү борбору бар;
- күчтүү облустук борбор менен катар, айылдык региондорду тейлеген майда борборлор да бар. Ошентип, бул зонанын тургундары үчүн эки борбор маанилүү болот: региондун чоң борбору, ошондой эле райондун чакан борбору. Бул жерде адамдар айрым кызмат көрсөтүүлөрдү алып, жергиликтүү рыноктorду колдонушат;
- ЖӨБ менен жергиликтүү жамааттардын ортосунда тыгыз өз ара аракеттенүү бар болгондуктан, локалдык чек аралар функ-

ционалдык облустардын чек аралары менен дал келбейт (аймактар биринен экинчисине “төгүлүп” турат).

Мындай зоналарга карата ирилештирүүнүн эки вариантын караштырса болот: регионалдык борбордун айланасында чындап чоң ЖӨБ түзүү же субрегионалдык мүнөздөгү бир нече ЖӨБдү түзүү. Бул үчүн тийиштүү борборлор катары алардын айланасындагы элеттик аймактар үчүн чакан шаарларды же райборборлорду ирилештириш керек.

### Ирилештирүүнүн чек ара жанындагы модели

Бул моделди төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бар аймактарда колдонсо болот:

- аймактын эки борбору бар: бири мамлекеттин чек арасынын жанында, экинчиси анын чек арасынын тышында; же болбосо бири облустун чегинде, экинчиси кошуна облуста;
- өзгөчө эл аралык чек ара аралык кызматташтыкты интенсивдештирүү маңызынан алып караганда чек ара аралык аймак жалпы салттар же жаңы экономикалык реалдуулук менен шартталышы мүмкүн.

## Шаар тибиндеги поселоктордун көйгөйү

“Колдонуудагы административдик-аймактык системага жасалган анализдин” II бөлүмүндөгү ААР Концепциясында белгиленгендей, 2012-2013-жылдары административдик-аймактык реформанын алкагында шаар тибиндеги 19 поселок кайра түзүлгөн. Алардын ичинен алтоо шаар болуп, он үчү айылдык аймак болгон. Бирок Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык жана аймактык бирдиктердин объектилерин белгилөө тутумунун мамлекеттик классификаторуна” ылайык, ушул күнгө чейин болжол менен 2000ден 15 миңге чейин адам жашаган, шаар тибиндеги 12 поселок кайра түзүлө элек. Алар:

- Пристань-Пржевальск штп. Каракол шаарынын курамында;
- Орто-Токой штп. Балыкчы шаарынын курамында;
- Шамалды-Сай штп. Таш-Көмүр шаарынын курамында;
- Кызыл-Жар штп. Таш-Көмүр шаарынын курамында;
- Көк-Таш штп. Майлуу-Суу шаарынын курамында;
- Сары-Бээ поселогу Майлуу-Суу шаарынын курамында;
- Көкой штп. Майлуу-Суу шаарынын курамында;
- Кара-Жыгач поселогу Майлуу-Суу шаарынын курамында;
- Кетмен-Төбө штп. Кара-Көл шаарынын курамында;
- Чыгыш штп. Сүлүктү шаарынын курамында;
- Бордун штп. Кемин районунун курамында;
- Чоң-Арык штп. Бишкек шаарынын курамында.

“Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү жөнүндө” КР Мыйзамынын 6-беренесине ылайык, административдик-аймактык бирдик бир же бир нече калктуу конуштарды жана башка калк отурукташпаган аймактарды камтыйт. Анын чегинде мамлекеттик бийлик органдары же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик башкарууну же өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырышат.

Мыйзамга ылайык, административдик-аймактык бирдикке облус, район, шаар кирет. Ошону менен бирге, мыйзам шаар тибиндеги поселокторду да шаарга кошкон. Бул жерде жашаган жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну Конституцияда жана КР мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырышы керек. Бирок шаар тибиндеги 12 конушта жергиликтүү жамаат жергиликтүү өз алдынча башкарууну өз алдынча жүзөгө ашыруу укугуна ээ эмес. Себеби алар шаар, айылдык аймак же айыл болуп түзүлгөн эмес.

Атүгүл КР мыйзамдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө “шаар”, “айылдык аймак” жана “айыл” түшүнүктөрү жана терминдери басымдуулук кылат. Ал эми “шаар тибиндеги поселок” түшүнүгү мыйзамдарда жок же көңүл сыртында кала берүүдө.

Жогоруда айтылгандардан улам шаар тибиндеги поселоктордун статусун кайра карап чыгып, аларга шаар, айылдык аймак же айыл деген статус берүү зарыл деп эсептейбиз.

## Булактар

*Blendi Bushati, Dr. Valbona Karakaci, Prof. Stefan Pfaeffli. Албаниядагы функционалдык зоналарды изилдөө, – The Decentralization and Local Development Programme (DLDP), Албания, 2014-ж.*

*Swianiewicz. P. Европада аймактык консолидациядагы реформалар – OSI, 2010-ж.*

*Swianiewicz. P. Консолидациябы же фрагментациябы? Борбордук жана Чыгыш Европада жергиликтүү бийлик органдарынын көлөмү. Будапешт: Жергиликтүү өз алдынча башкарууну жана мамлекеттик кызматты реформалоо демилгелери, – OSI, 2002-ж.*

*Dahl, R. жана E.R. Tufte. Көлөм жана демократия, – Беркли: Стэнфорд университетинин прессасы, 1973-ж.*

*Mouritzen, P.E. Шаардын көлөмү жана жарандардын канааттануу деңгээли: эки атаандаш теориянын кайталанышы, 1989-ж.*



# Кочкор-Ата мамлекеттик социалдык заказды киргизүүдө

**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА,**
ӨСИ, "Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчөтүү" Долбоору үчүн

Кочкор-Ата поселогу 1952-жылы негизделген, районго (Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна) баш ийген шаар статусун 2003-жылдын 1-июнунда алган. Ал Избаскент мунай кенинин ачылышы менен пайда болгон. Жарым кылымдан ашык убакыт аралыгында аянты 485 гектар болгон бул палаталык шаар көп улуттуу, калкынын саны 15 миңге жеткен шаарга айланды.

Кочкор-Ата шаар тибиндеги поселок (штп) болгондон бери эле ал коопсуздугу көп жакшы эмес, ээнбаштык орун алган аймактардын катарына кирчү. Кошуна муниципалитеттердин тургундары зарыл иши болбосо, бул шаарга келүүгө батынчу эмес. Мындай бетке көө жапкан таанымалдуулук көпкө созулду. Бирок бүгүнкү күндө Кочкор-Ата – жаш, жашыл жана өнүгүп келаткан инфраструктурасы бар шаар. Кочкор-Атада 17 миңге жакын адам жашайт, анын 2 миңге жакынын балдар жана өспүрүмдөр түзөт. Аларга бири-бири менен мамиле түзгөндү үйрөтүү өтө маанилүү маселе. Бирок жүрүм-турум маданиятын калыптандыруу өтө татаал иш, кылымдар бою коомчулук бул маселени чечүүнүн эң жакшы жолдорун издеп келатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн бул өзгөчө оор маселе. Себеби ал атайын билимди, жөндөмдүүлүктү, технологияларды, сабырдуулукту жана көп убакытты талап кылат. Бирок толтура иштен колу бошопогон мунциципалдык кызматчылардын убактысы ансыз да аз эмеспи. Ошондуктан Кочкор-Ата мэриясы үчүн жаштардын жүрүм-турумуна байланышкан көйгөй жакшы белгилүү, бирок көптөн бери чечилбей келаткан маселеге айланган.

2018-жылдын башында Кочкор-Ата шаарынын вице-мэри НЕМАТ уулу Жайнак мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө семинарга катышкан. Бул семинар "Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчөтүү" Долбоорунун[1] ал-

[1] «Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчөтүү» долбоорун USAIDдин биргелешип башкаруу боюнча Программасынын колдоосу менен Өнүктүрүү саясат институту аткарат. Долбоордун максаты: Социалдык заказдын бекитилген механизмдерине ылайык, социалдык заказдардын ишке ашырылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү жаатында адам ресурстарын жана уюштуруучулук көндүмдөрдү өнүктүрүү менен Социалдык өнүгүү министрлигине, пилоттук муниципалитеттердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана бейөкмөт уюмдарга техникалык көмөк көрсөтүү. Биргелешип башкаруу боюнча программа Кыргыз Республикасында өкмөттүн, жарандык коомдун жана жеке

кагында өткөн. “Семинарда мамлекеттик социалдык заказ тууралуу билим алдым. КЭУ[1] арасында конкурс жарыялап, муниципалдык заказды ишке ашыруу менен биз артыкчылыктуу көйгөйлөрдү чече алаарыбызды билдим. Бул семинардын жардамы менен МСЗ, жаңы Мыйзам тууралуу толук маалымат алдым. Ошондо “Жаштардын жүрүм-турум маданияты өңдүү мэрия үчүн татаал маселени чечүүгө жардам берүү сунушу менен КЭУга кайрылып көрсөкпү?” деген ой пайда болду”.

Ал маалда жаңжалдардын көбөйүшү улуу муунду тынчсыздандырган маселелердин бири эле. Кошуна айылдардагы мектеп окуучулары арасында жапырт мушташтар (шаарда төрт мектеп бар), мектеп рэкетчилиги көрүнүшү күчөп, балдар жана өспүрүмдөр милициянын көзөмөлүндө болчу.

Кочкор-Ата шаардык мэриясынын аппарат жетекчиси, мэриядан МСЗ механизмин киргизүү боюнча долбоордун биринчи координатору Чыныгүл ТУРДУМАТОВАнын айтымында, 2018-жылы Кочкор-Ата шаардык мэриясы жүргүзгөн фокус-топтордун жыйынтыктары балдардын жана өспүрүмдөрдүн арасында терс көрүнүштөр кулач жайганын көрсөттү: “Мисалы, кылмыштуулук, тирешүүлөр, рэкетчилик, тартип бузуу, өз жанын кыюу аракеттери. Мунун баары ички багыттардын жоктугу, улуулардын көз салбаганы жана бош убакытты туура эмес пайдалануу өңдүү көрүнүштөрдүн кесепети болгон. Шаардын муктаждыктарын биргелешип аныктоо боюнча иш-чараларды өткөргөн учурда дал ушул көйгөйдү шаардыктар эң артыкчылыктуу деп аташкан. Биздин маалыматыбыз боюнча, тобокелдик тобуна 140 бала кирет. Бул биздин шаар үчүн өтө көп сан. Себеби балдар – биздин келечегибиз жана биз, улуулар алар үчүн жооптуубуз. Бирок айрым учурларда ата-энелер өздөрү билбей эле зыян келтирип алышууда: баланын укуктары бузулган учурда тартип коргоо органдарына кайрылышпайт, бул болсо кылмышты жашырып коюуга алып келүүдө. Шаарда китепкана, спорт комплекси, чакан футболдук аянтча, сейил бак, музыкалык мектеп, түрдүү ийримдер бар. Бирок аларга кыздар гана барат. Ал эми эркек балдар муштумдун күчү менен өзүн таанытууга умтулушат. Өспүрүм куракта көпчүлүк балдар сабакты калтыра башташат. Мунун натыйжасында бош убактысын туура эмес өткөрүп, ар кандай тартип бузуулардын жана кылмыштардын катышуучусу же уюштуруучусу болуп чыга келишет. Мектептердеги жогорку класстардын окуучулары жана шаардагы атайын орто окуу жайлардын студенттери катышкан жолугушуунун жүрүшүндө бош убакытты пайдалуу өткөрүүгө көмөк көрсөтүү өтүнүчү айтылды. Майрам күндөрү өткөрүлгөн иш-чараларга жана конкурстарга окууда ийгиликке жеткен жана таланттуу балдар гана катышып, тобокелдик тобундагы балдар болсо четте кала берет”.



Кеп-кеңештерди алып, семинарларга жана тренингдерге катышкандан кийин Кочкор-Ата ш. мэриясынын өкүлдөрү МСЗ механизми аркылуу коомдук-пайдалуу долбоорлорду аткаруунун маңызын жана анын пайдасын барган сайын көбүрөөк баамдай баштаты.

КЭУнун жардамы менен МСЗ аркылуу мэрия өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун, тирешүүлөрдүн жана укук бузуулардын деңгээлин азайтуу максатын көздөгөн эле. Муну болсо балдардын бош убактысын туура уюштуруу жолу менен ишке ашырууну чечкен. Ошентип, долбоордук иш-чараларга ата-энелерди да тартуу тууралуу чечим кабыл алынды. Себеби ата-энелер мугалимдер менен тыгыз байланышта болсо жана балдарына талаптагыдай көз салып турса, кырдаал анчалык деле көйгөйлүү болбой калат эмеспи.

2018-жылы июнда Кочкор-Ата шаардык мэриясы коомдук-пайдалуу долбоорду ишке ашыруу үчүн коммерциялык эмес уюмдарды (КЭУ) тандап алууга конкурс жарыялаган. Бул долбоор шаардагы өспүрүмдөр жана жаштар арасында кылмыштуулукту, рэкетчиликти жана зомбулукту болтурбоого багытталган. Ошентип конкурстун жеңүүчүсү деп “Абад” коомдук фонду табылган. Аталган фонд коомдук-пайдалуу долбоорду ишке ашырууга жергиликтүү бюджеттен 100 миң сом алган. Бул КЭУ берген өтүнмөнүн өзгөчөлүгү – бөлүнгөн акчанын жарымын фонд конкурстун жеңүүчүлөрү жана катышуучулары үчүн байгеге жумшоону пландаган. Ал эми бул конкурсту долбоордун соңку этабында өткөрмөк.

“Абад” коомдук фондунун тренери Рахат БАРПИЕВА Кочкор-Ата мэриясынын каржылык көмөгү менен ишке ашкан коомдук-пайдалуу долбоордун маанилүүлүгүн белгилеп өттү: “Биринчи кезектебиз мектептердеги муктаждыктарды аныктап, талдоо жүргүздүк. Бул изилдөөнүн жардамы менен

тармактын өнөктөштүгүн бекемдөөгө багытталган. Программаны АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) жана Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү министрлиги (DFID) каржылайт жана Ист-Вест Менеджмент Институту (EWMI) жүзөгө ашырып келет.

[1] 2017-жылы “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Мыйзамдын жаңы редакциясы кабыл алынган. Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына коммерциялык эмес уюмдардын катышуусу менен муниципалитеттин аймагында социалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн социалдык заказды жайгаштырууга уруксат берет.

өспүрүмдөр бош убактысын кантип өткөрүүнү каалай турганын, кайсы багытта иш алып барышыбыз керектигин биле алдык. Биз жасачу иш оңой эмес эле. Бул көйгөйдү чечүү үчүн сөздү да, иш-аракеттерди да терең ойлонуп, дыкат мамиле жасашыбыз керек болчу. Биздин негизги максатыбыз – балдарды жаман жолдон кайтарып, алар өз жашоосу үчүн өздөрү жооптуу болгонун түшүндүрүп берүү болчу.



2019-жылдын башында биз шаардагы төрт мектепте "Жаштар дүйнөнү өзгөртөт" аттуу форумду өткөрдүк. Бул форумга 6-11-класстардын окуучулары катышты. Форумга Кочкор-Ата шаарындагы өспүрүмдөр жана жаштар иштери боюнча инспектор чакырылып, ал кылмыш жана анын кесепеттери тууралуу айтып берип, мисалдарды келтирди. Жакшы менен жамандын, ак менен каранын, кылмыш менен жазанын реалдуу мисалдары форумдун жаш катышуучуларына катуу таасир тийгизгени көрүнүп турду. Иш-чаранын соңунда алар суроолорду узатып, биздин пландарыбызга кызыгып, биз келтирген мисалдардагы адамдардын тагдыры тууралуу сурап жатышты".



Иш-чарадан кийинки сезимдери менен №14 мектептин окуучулары Арууке БЕГИБАЕВА (11-класс) жана Ажар НАЙМАНОВА (10-класс) мындайча бөлүштү: "Кылмыштуулук жок дүйнө сонун болооруна көзүбүз жетти. Ар бир адам өз тагдырын өзү чечет. Эң негизгиси – бул алдыңа максат коюп, ага жете билүү. Ар бир кылмыштын жазасы боло тургандыгы жана кандай болгондо да, эч качан жеңилбеш керек экендиги тууралуу бизге Ник Вуйчичтин[1] тагдыры дем берди. Ал эч нерсеге карабастан чындап эле улуу инсан экен!".

"Жаштар дүйнөнү өзгөртөт" аттуу конкурс Долбоордун кийинки этабы болуп калды. Айчүрөк НАЗАРБАЕВА, конкурстук комиссиянын мүчөсү, мэриянын социалдык коргоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси, МСЗ коомдук-пайдалуу долбоордун баштапкы этаптарында аткарылган иш аракеттер тууралуу төмөнкүлөрдү айтып өттү: "Биз мектептердин жетекчиликтери менен бардык сүйлөшүүлөргө катышканбыз. 2019-жылдын февраль-март айларында, апрелдин башында ар бир мектептен 100дөн окуучу кылмыштуулук жана жаза, убакытты натыйжалуу башкаруу, жеке максатты аныктап алуу, ага жетүү, мотивация ж.б. темаларга өткөн семинарларга катышты. Балдар мектептеги рэкетчилик, кылмышты алдын алуу, турмуш жолун туура тандоо, адамгерчилик, жакшылык жана жамандык темаларына тартылган тасмаларды өтө чоң кызыгуу менен көрүштү. Өз жүрүм-турумуна, жасаган иштерине башкача карай баштаганы алардын көздөрүнөн эле билинип турду. Тасмаларды көргөндөн кийин алар сюжетти талкуулашып, пикирлери жана тасмадан алган таасирлери менен бөлүшүп, каармандарга жан тартып жатышты. Ал эми бул балдар долбоорду ишке ашыруу үчүн тандалып алынганы, семинарларга жана тренингдерге катышып калуусу аларга дем берип, конкурска катышууга түрттү".

Мыкты идеяларга жарыяланган конкурска Кочкор-Ата шаарындагы мектептердин жүз окуучусунан 150 эмгек түштү. Конкурс үч номинацияда өттү: сүрөттөр, колго жасалган эмгек жана дил баян. Конкурс "Жаштар дүйнөнү өзгөртөт" деген ураан алдында өттү. Конкурстук комиссиянын курамына ата-энелер, мэриянын, Сүрөтчүлөр союзунун жана "Абад" коомдук фондунун өкүлдөрү кирди. Комиссиянын чечими менен байгелүү орундар жана шыктандыруучу байгелер окуучулардын ишти аткаруу техникасын жана чеберчилигин эсепке алуу менен бөлүштүрүлдү. Биринчи орун 43 окуучуга, экинчи орун 27 окуучуга жана үчүнчү орун 15 окуучуга берилди. Алардын баары баалуу байгелерди, дипломдорду жана сертификаттарды алышты.

[1] Ни́колас Джеймс (Ник) Ву́йчич – австралиялык шыктандыруучу сөз чебери, меценат, жазуучу жана ырчы. Вуйчич тетраамелия синдрому менен төрөлгөн. Тукум кууган бул ооруга чалдыккан адамдын колдору жана буттары болбойт [1]. "Менин миссиям – адамдарга бул жашоодогу жолун табууга жардам берүү", - дейт ал. Бала кезинен бери эле майып болуп өскөн Вуйчич айланасындагы адамдарды эч нерсеге карабастан бактылуу болууга шыктандырган, дүйнөнүн булуң-бурчуна таанылган оратор. Ал негизинен балдарга жана жаштарга үмүт берип, аларды жашоонун маңызын табууга, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө түртөт. Вуйчич христиан дини, Кудай, кудурет күч, адамдын эркинин күчү тууралуу көп айтат.



Жеңүүчүлөрдүн бири, Н.Исанов атындагы мектеп гимназиянын 9-классынын окуучусу Элчибек ОРОЗБЕКОВ долбоор ага абдан жардам бергенин, максатка жана мотивацияга байланыштуу маселелерди чечип алганын айтып берди: "Менин көптөн бери ойлонуп жүргөн идеям бар эле – робобокс жасагым келчү. Робобокс – таштанды жыйнаган робот. Мен бул идеямды ишке ашыра алдым. Ушул эмгегимдин арты менен бүгүн жеңүүчүлөрдүн катарына кошулдум. Эми менин дагы бир максатым бар: мектепти ийгиликтүү бүтүрүп, Бишкекте же Москвада билим алып, инженер болгум келет. Азыр бош убактым аз эле. Атүгүл майрам күндөрү деле эс албайм. Адатта бош убактым болсо волейбол ойноймжe "Тамашоуга"[1] даярданам. Биздин шаарда мага окшоп техникага кызыккан балдар үчүн борбор ачылса деймін. Ал жерде биз жөндөмдүүлүгүбүздү өнүктүрүп, чогулуп, талкуулап, идеяларыбызды ишке ашыра алмакпыз. Биздин шаарда спорттун өнүгүүсү үчүн мыкты шарттар түзүлгөн. Бирок техникага же илимге кызыккан өспүрүмдөр үчүн эч нерсе жок. Ошондой эле шаарым таза болушун каалайт элем. Шаардын тургундары таштандыны тушкелди ыргытышпаса, ал эми мэрия таштанды үчүн урналар жана контейнерлер менен камсыз кылса жакшы болмок".



Ата-энелер да шаардык мэриянын эмгегин баалап, өз кезегинде балдарына көбүрөөк көңүл бураарын белгилешти. Шаар тургуну, №28 мектептин 9-классынын окуучусунун апасы Айгүл АБСАМАТОВА: "Балам семинардан кийин тасмаларды кантип талкуулашканын, өздөрү үчүн кандай тыянак чыгарышканын айтып берди. Биздин мэрия компьютер, спорт, чет тилдер боюнча кандайдыр бир секцияларды же ийримерди ачып берип, жаш муундун арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзсө жакшы болмок эле. Коомубуздагы дагы бир көйгөй – бул миграция. Ата-энелер акча табуу үчүн балдарын туугандарына калтырып, чет өлкөгө кетүүгө мажбур болуп жатат. Балдар болсо ата-энесинин кароосу жок, өз билгенин кылып жатышат. Мындай балдар ойдогудай тарбия көрбөй, отоо чөптөй эле өсүп калат экен. Себеби ата-эненин мээримин, камкордугун, тарбиясын көрбөй өсүүдө. Өспүрүмдөр жана жаштар арасында кылмыштуулуктун, өз жанын кыйгандардын же баңгилердин көбөйүшү үчүн биз, улуулар күнөөлүүбүз. Социалдык педагогдор, ата-энелер, мугалимдер – биз баарыбыз биригип, балдарыбызды жаман жолдон буруп кетишибиз керек".

МСЗ боюнча алгачкы тажрыйбанын ийгиликтүү жыйынтыкталышы коомдук-пайдалуу долбоорду ишке ашыруу процессин жетектеген Кочкор-Ата шаардык мэриясынын кызматкерлерине дем берди. Эми 2019-жылы да бул багытта ишти улантып, жаштар менен иштөө боюнча дагы бир долбоорго заказ бергени жатышат.

Кочкор-Ата мэриясынын Спорт, жаштар жана туризм бөлүмүнүн адиси Мыйзамбек АКМАТАЛИЕВ МСЗ механизми жаштарды тарбиялоонун жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачкандыгын айтты: "Алгачкы долбоордун алкагында жасалган иш уланышы керек. Ооба, бул долбоор ийгиликтүү болду, бирок бир эле долбоор менен туруктуулукка жете албайбыз да. Азыр биз ЮНИСЕФтин "Балдар менен жаштар үчүн ыңгайлуу Кыргызстан" долбоорунун конкурсуна катышып жатабыз. Долбоордун өнөктөшү болуп, инвестиция тартканды үйрөнөбүз деп ишенип турабыз. Биздин көп пландарыбыз бар. Мисалы, "Тамашоу" оюнун, мэрдин кубогу, "Мыкты жигит" ж.б. өңдүү көңүл ачуучу-өнүктүрүүчү спорттук жана маданий иш-чараларды өткөрүп турабыз. Жаштарда жаман ой пайда болбогудай, мындайга убактысы да болбой тургандай иш-чараларды өткөрүүнү каалайбыз. 2019-жылы мэрия жаштардын өнүгүүсү үчүн жергиликтүү бюджеттен 300 миң сом бөлүп жатканын да белгилей кетээр элем".

[1] Тамашоу – бул Кыргызстандагы эң белгилүү юмордук шоу-оюндардын бири. Оюн ар кандай темада командалар (мектептер, университеттер ж.б.) арасында өткөрүлөт. Оюндун катышуучулары импровизация да жасашат, атайын даярдалган тапшырмаларды да аткарышат.



# Эмне үчүн балдар жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышыш керек?

Балдар менен ЖӨБ органдарынын мамилелери тууралуу окуялардын топтомун ӨСИнин кызматкери **Гузель ЖАНАЛИЕВА** даярдады

Кыргызстанда 2017-жылдан бери "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан" демилгеси ишке ашырылып келатат. Бул – БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) долбоору. Аны аткарууга Өнүктүрүү саясат институту да катышууда. Демилгенин негизги максаты – өсүп келаткан муун үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жигердүү катышуусу менен жагымдуу шарттарды түзүп берүү.

Бул демилге көптөн бери эле зарыл болуп жаткан. Бийлик, "чоңдордун көйгөйлөрүнө" башоту менен кирип кеткен коом балдардын муктаждыктарына көңүл бурбай келген. Үй-бүлө, мектеп, өкмөт балдардын окуусу, тарбиясы, келечеги үчүн колдон келишинче чара көрүп жатат деген ой калыптанып алган. Жаштар кантип күн көрүп жатканына, жаш кыргызстандыктардын кандай муктаждыктары бар болгонуна, алардын толук кандуу өнүгүүсүнө эмнелер тоскоол болуп жатканына кызыккандар аз болчу. Республикадагы калктын 40 пайызын түзгөн жаштардын бул багыттагы пикирин улуу муун сураган эмес. Балдар жана өспүрүмдөр өз үнүн жеткире албаганы бул жагдайга терс таасирин тийгизип жатты.

Ал арада балдар кыйынчылыктарды эрте куракта эле көрүп өсүп жатат. Көптөр мектепке талкаланган жол менен, караңгы көчөлөрдү аралап барат. Жолбун иттердин талоонуна калган, катуу ылдамдыкта бараткан машиненин алдында калган балдар аз эмес. Элет жергесинде жылытылбаган, суук мектепте, курткасын чечпей билим алган окуучулар бар. Айрым окуу жайларда спорт залдар, китепканалар жок.

Күнүмдүк көйгөйлөрдөн тышкары, биздин балдар психологиялык басымга да кабылат. Мисалы, рэкетчилик, буллинг[1] өңдүү көрүнүштөр сейрек эмес. Атүгүл айрым кыздар зордук-зомбулуктун курмандыгы да болуп калууда.

Мына ушундай басымда калган, сырын эч кимге айта албаган, боорукер мамиле көрбөгөн бала аргасыз кадамга барат. Республикада өспүрүмдөр арасында өз жанын кыйгандардын саны көбөйүп жатат.

Ошондуктан ЖӨБ органдарын тартуу менен Кыргызстанда өсүп келаткан муунга колдоо

[1] Буллинг – бул жамааттын бир мүчөсүн (өзгөчө окуучулар жана студенттер жамааты, ошондой эле кесиптештер) жамааттын башка бир мүчөсү куугунтуктаган көрүнүш. Куугунтукту бир адам (лидер) баштап берет, кээде анын пикирлештери да болот, ал эми жамааттын калган мүчөлөрү бул куугунтукка күбө бойдон кала беришет. Куугунтуктун курмандыгы болгон адам өзүн коргой албай калат. Жаңжалда тирешкен тараптардын күчү тең болсо, кодулоо көрүнүшүндө андай болбойт. Кодулоо жаңжалдан ушунусу менен айырмаланат. Кодулоо күч колдонулган түрүндө да, психологиялык зомбулук түрүндө да болушу мүмкүн. Кодулоого ар кайсы курактагы адамдар кабылат жана бул көрүнүш түрдүү социалдык топтордо болот.

көрсөтүү үчүн ӨСИ жана ЮНИСЕФ жаңы демилгени көтөрүү маанилүү деп чечишти. Бул демилгенин маңызы – балдардын көйгөйүн борбордо эмес, жеринде чечиш керек. Ошентип, Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы жана Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы 10 айылдык аймак долбоорго тартылды. Бул айылдык аймактар балдардын жана жаштардын кызыкчылыгында Иш-аракеттер планын даярдашты. Бул планда алардын муктаждыктары жана керектөөлөрү эсепке алынган. Ал эми ошол муктаждыктарды өспүрүмдөр өздөрү 2018-жылы аныктап чыгышкан болчу. Демилгенин бардык катышуучулары өзүнүн алдына максат койду – ар бир балага жана өспүрүмгө жергиликтүү деңгээлдеги негизги кызмат көрсөтүүлөргө жетүүгө жол ачуу. Бул демек коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөдө билим алуу, дарылануу жана жашоо, ар тараптан өнүгүү мүмкүнчүлүгү дегенди билдирет.

Бул үчүн балдар өз көйгөйлөрү жана муктаждыктары тууралуу айтканды, алардын кызыкчылыктарына тиешеси болгон чечимдерди кабыл алууга катышканды, өз укуктарын коргогонду, ЖӨБ органдарына өз үнүн жеткиргенди үйрөнүшү керек. Балдар менен ЖӨБ органдары тил табышып, алардын ортосунда ишенимге негизделген мамиле түзүлүшү керек. Себеби балдардын жана жаштардын жаш курагына, улутуна, ден соолугунда жана башка өзгөчөлүктөргө карабастан алардын артыкчылыктарын эсепке алганда гана муниципалитеттер ыңгайлуу болот.

Бүгүнкү күндө 10 айылдык аймак алгачкылардан болуп балдардын жана жаштардын кызыкчылыктарын эсепке алган принциптерди жана демилгелерди киргизе алышты. Алар иш-аракеттер планына камтылган көйгөйлөрдү ийгиликтүү чечип жатышат.

## Таш-Булак АА: жол белгилери балдардын коопсуздугунун кепили болууда

### Сузак району

Көптөр үчүн Таш-Булак айыл өкмөтүнүн тажрыйбасы пайдалуу болушу мүмкүн. Аталган айыл өкмөтү балдардын жана жаштардын жолдогу коопсуздугуна байланышкан маселени чече алды.

Жалал-Абад облусунун Сузак районунда жайгашкан Таш-Булак айыл өкмөтү өз планына өтө маанилүү маселени киргизген. Бул – жергиликтүү мектептин жанындагы участокко жол белгилерин коюу маселеси. Ушул көйгөйдү чечүү үчүн жергиликтүү бийлик Кыргыз Республикасынын райондук ички иштер бөлүмүнө расмий суроо-талап менен кайрылып, жол белгилери кайсы стандарттар боюнча орнотулушу керектигин көрсөтүп берүүнү өтүнүшкөн. Ошондой эле тартип коргоо органдарына окуучулар үчүн жолдогу коопсуздук боюнча лекцияларды өтүүнү сунуш кылышкан. Кийинки кадам беш тонна асфальт сатып алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 23 000 сом бөлүп берүү болду. Машинелердин ылдамдыгын азайтуу максатында жолдун алты жерине – Төрөмаматов, Идирисов атындагы жана Таш-Булак орто мектептеринин жанындагы жолдордун үстүнө калың асфальт төшөлдү. Мындан тышкары айдоочуларга ылдамдыкты азайтыш керектигин эскертип турган жол белгилери орнотулду.

“Мектептер машине көп өткөн жолдун маңдайында орун алган. Жол белгилери болбогондуктан кырсык көп катталчу. Бул көйгөйдү көтөрүп чыккан жаштарга, аны чечип берген биздин айыл өкмөткө ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Эми балдарыбызды мектепке коркпой эле жиберип калдык”, - деп айтып берди жергиликтүү тургун КАСЫМОВ Муктаржан.

### Кызыл-Туу АА: Кызыл-Сеңир айылынын чемпиондору кайсы жерде чоңоюп жатышат?

### Сузак району




Кызыл-Туу айыл өкмөтү жергиликтүү жамаат менен биргеликте жаштар үчүн спорт комплексин куруп берди. Кызыл-Сеңир айылынын көптөн үмүт берген жаш спортчулары эми заман талабына жооп берген шаймандар менен жабдылган залдарда күн сайын машыгып жатышат. Мындай шарттарды түзүп берүү үчүн балдардын жана жаштардын кызыкчылыктарын эсепке алган өнүгүү программасы ишке ашырылды. Буга чейин өспүрүмдөр бош убактысын пайдалуу өткөрө алчу жер болгон эмес. Демилгени ишке ашыруу үчүн жаштардын жана элеттиктердин катышуусу менен чогулуштар жана коомдук угуулар өткөн. Бул иш-чараларда жергиликтүү жамаат спорт комплексин куруу үчүн инвестиция тартуунун жолдорун издей баштаган. Айылдын ар бир тургуну бул коомдук ишке өз салымын кошту. Айыл өкмөтү кайрылуу даярдап, мамлекеттик мекемелерди комплексти куруу үчүн каражат бөлүп берүүгө ынандыра алды. Айыл өкмөтү бул спорт комплекси балдардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн, ошондой эле жаштар ара-

сында кылмыштуулукту азайтуу үчүн өтө зарыл болгонун жүйө келтирди.

– Балдар үчүн коркчубуз. Өспүрүмдөр Интернетке көз каранды болуп, телефонду тиктеп эле отуруп калышкан. Себеби мектептен кийин алек болгудай эч нерсе жок эле. Балдар Интернетте желдей тарап жаткан коркунучтуу оюндарга кызыга баштаган. Спорт комплексинин ачылышы балдарды коркунучтуу жана зыяндуу адаттан арылтты. Балдар спорттун ар кандай түрлөрү менен алектенүүдөн тышкары, жаңы досторду табуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Себеби спорт комплекстин эшиги кошуна аймактардын балдары үчүн да ачык, - деп кубанычы менен бөлүштү жергиликтүү тургундар.

Жаңы спорт комплекси акысыз экенин белгилей кетиш керек. Кыздар жана балдар үчүн жеңил атлетика, волейбол, баскетбол, ордо, футбол, грекрим күрөшү боюнча ар кандай секциялар ачылды.

## Курманбеков АА: “Мээримде” балдар көзөмөлдө

### Сузак району



Курманбеков айылдык аймагында жашаган элеттиктерде да балдардын өнүгүүсү үчүн жагымдуу шарттар түзүлдү. Бул жерде айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү жамааттын күч-аракети менен Жон-Күңгөй айылында 70 наристе үчүн бала бакча ачылды.

– “Мээрим” деп аталган бала бакча ата-энелер үчүн чоң белек болду. Себеби ондогон үй кожойкелеринде жумушка чыгып, муну менен өзүнүн финансылык абалын оңдоп алууга мүмкүнчүлүк пайда болбодубу, - деп кубанычы менен бөлүштү бала бакчанын башчысы СЕМЕТЕЕВ Максат.

– Бала бакчанын курулушуна жергиликтүү бюджеттен акча бөлүнгөн. Бирок оюн аянтчасына акча жетпей калды. Ошондо бала бакчанын башчысы ата-энелер кирген жумушчу топту түздү. Улуулар бардык зарыл болгон иштерди жасашты, бардык коопсуздук чараларын эске алуу менен курулган оюн аянтчасы иштей баштады, - деп айтты айыл өкмөт башчысы БАКИРОВ Даирбек Мейлиевич.

## Узун-Кыр АА: спортту сүйгөн жаштар – бул дени сак улут

### Ысык-Ата району



Өнөктөш мамилелерди түзүп, ишенимди бекемдөө үчүн, жаш кыргызстандыктар менен ЖӨБ органдарынын эриш-аркак иши үчүн “Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан” демилгесин киргизүү Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Узун-Кыр айылдык аймагы үчүн өтө пайдалуу иш болуп калды. Бул жерде күнүмдүк көйгөйлөрдү жана балдар менен өспүрүмдөрдүн муктаждыктарын изилдеп чыгышкандан кийин негизги маселе – бош убакытты өткөрүү үчүн аянт болбогону экенин аныкташты.

– Биздин жаштар арасында өтө көп таланттуу спортчулар бар. Алар балдардын спорт мектебинде спорттук шаймандарды жаңыртып берүүнү өтүнүштү. Каражат издеп айыл өкмөтү түрдүү мамлекеттик структураларга кайрылган. Акыры өтүнүч жетип, жактырылган. Республикалык бюджеттен бизге 200 000 сом бөлүп беришти. Бул акча спорттун улуттук жана башка түрлөрү менен машыгуу үчүн залды, жуунучу бөлмөнү ремонттоого жумшалган.

Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттик да четте карап турбастан, 300 000 сомго олимпиадалык килемди жана атайын күрөш маталарын белекке берди. Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик чакан футбол аянтчасынын курулушуна 2 300 000 сом бөлүп берди. 2018-жылы заманбап шаймандар менен жабдууланган бул объект курулуп бүтүп, колдонууга берилди.

Көп өтпөй Эркин күрөш федерациясы юниорлор арасында эркин күрөш боюнча маарекелик эл аралык турнирди өткөрдү. Бул турнир Ленин орденинин жана Кызыл Эмгек Туусунун кавалери К.Бегалиевдин элесине арналды. Спорт майрамдын катышуучулары арасында Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн спорт мектебинин окуучулары да болушту. Турнирди жогорку деңгээлде өткөрүп алуу үчүн жергиликтүү бюджеттен 15 000 сом бөлүндү.

Жыл сайын балдардын спорт мектеби өз окуучуларын түрдүү райондук, облустук жана эл аралык таймаштарга, спартакиадаларга катыштыруу үчүн айыл өкмөтүнүн бюджетинде чыгашалардын атайын беренеси каралган. Айталы, 2018-жылы

Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн спорт мектебинин эркин күрөш боюнча спортчулары төрт эл аралык жана үч республикалык турнирге катышты. Алар жалпысынан 20 байгелүү орунду ээлеп, жакшы жыйынтыкты көрсөтө алышты. Муну менен аларга артылган үмүттү жана чыгымдалган 28 миң сомду акташты. Ушул тапта күрөш боюнча секциялардан тышкары бул жерде дзюдоисттердин жана жаш футболчулардын машыгуулары өтүп турат. Спорт мектебине барам деген балдардын саны да жылдан жылга көбөйүүдө. Мына ушундай ийгиликтүү тажрыйбасы менен бөлүштү айыл өкмөт башчысы.

## Юрьевка АА: балдар жана улуулар үчүн гигиена сабактары

### Ысык-Ата району



Юрьевка айыл өкмөтүндө “Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан” демилгесинин катышуучулары да жакшы жыйынтыкка жете алышты. Алардын Иш-аракеттер планында артыкчылыктуу маселе балдар арасында гигиенаны сактоо үчүн шарттарды түзүп берүү болду. Руслан Шаботоев атындагы орто мектептин окуучуларында танапис маалында, дене тарбия сабагынан кийин, тамактанаар алдында ж.б. учурларда колдорун чайкап алууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

– Мектептеги дааратканa сыртта жайгашкан, ал эми кол жуугуч экинчи кабатта. Ошондуктан балдар адатта колдорун чайкап алуу үчүн бул жакка келгенге үлгүрбөй калчу. Мунун натыйжасында окуучулар арасында сарык менен ооругандар пайда болду, - деп бөлүштү көйгөйү менен ата-энелер.

– Балдардын ден соолугунун коопсуздугу үчүн эскирген канализациялык түтүктөрдү мүмкүн болушунча тезирээк алмаштырып, жаңы септик коюш керектигин баары эле түшүнүп турду. Айыл өкмөтү бул ишке зарыл болгон адистерди тартып, чыгашалардын сметасын чогуу түзүп чыгышты. Юрьевка айылдык кеңешинин депутаттары демилгени колдоого алып, ремонт иштерин каржылоо жөнүндө сунушту жактырышты, - деп билдирди Юрьевка айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы КУЛЖИГИТОВА Чолпон.

Бул максаттарга жергиликтүү бюджеттен 22 750 сом бөлүнөөр замат август айынын соңунда курулушчулар ремонт иштерин жасай баштashты. Көп өтпөй алар канализациялык түтүктү алмаштырып, септикти оңдоп, мектептин биринчи кабатында кол жууганы дагы бир раковина орнотконун айтышты. Бирок мугалимдер гигиенаны сактоого байланышкан маселе биротоло чечиле электигин белгилешүүдө. 600 окуучу билим алган мектеп үчүн мындай сандагы кол жуучу жай жетишсиз. Буга байланыштуу айыл өкмөтү мектептин администрациясы менен биргелешип дагы бир нече жерге жуунучу жайларды орнотуу үчүн каражат булактарын издеп жатышат.

## Кочкорбаев айылдык аймагында балдардан жана жаштардан катчу сыры жок

### Сузак району



Кочкорбаев айылдык аймагынын айыл өкмөтү калк менен иштөөнүн жаңы ыкмасын тапты. Муниципалитеттин аткаминерлери Буденовка жана Кеңеш орто мектептеринин окуучулары үчүн Ачык эшик күнүн өткөрүштү. Экскурсия АӨ башчысы Э. К. КЕРИМКУЛОВдун иш бөлмөсүнөн башталды. Айыл өкмөт башчы жасаган иши, кандай маселелерди чечээри тууралуу балдарга кенен айтып берди. Өз кезегинде өспүрүмдөр таштанды тазалоо, мектептеги спорт залда спорттук шаймандардын жетишсиздиги, бош убакытты пайдалуу өткөрүү үчүн аянтчанын жоктугу өңдүү айылдагы көйгөйлүү маселелер качан жана кантип чечилээрин сурашты.

Бул күнү айыл өкмөтүндөгү бардык бөлмөлөрдүн эшиктери ачык болду. Балдар жооптуу катчы Л.Э.СҮЙҮНТБЕКОВА менен жолугушуп, ал өзүнүн кызматтык милдеттери тууралуу айтып берди: документтерди кантип жүргүзөөрүн, жашоочуларга үй-бүлөнүн курамы, малдын саны тууралуу маалымкатты кантип берээрин айтып, айылдык аймактын жашоочулары тууралуу бардык маалыматтар сакталган чарба жүргүзүү китептерин көрсөттү.

Экскурсия маалында окуучулар мамлекеттик

сатып алуулар жана инвестицияларды тартуу боюнча адистин, социалдык жана экономикалык маселелер, статистика боюнча адистердин иши, салык инспектору жана мал доктур менен таанышты. Бир сөз менен айтканда, бул күн болочок кесипти тандоо көз карашынан алып караганда абдан пайдалуу болду. Жаш экскурсанттар айыл өкмөтүнө келгенге чейин ЖӨБ органдарынын иши тууралуу, алар кандай тапшырмаларды аткараарын билбегенин мойнуна алышты.

Ачык эшик күнү бардыгы үчүн пайдалуу болду. Катышуучулар жамаатты өнүктүрүп, адамдарга пайда алып келүү үчүн эриш-аркак иштеш керек деген тыянакка келишти.

## Багыш АА: бардык балдар үчүн спорт комплекси

### Сузак району

Жалпы максат ийгиликке жеткирээрин тастыктаган дагы бир мисал бар. Багыш айылдык аймагынын айыл өкмөтү, жергиликтүү жамаат жана эмгек мигранттары жаштар үчүн спорт комплексинин курулушу үчүн биригишти. Алгач каражат чогултуу үчүн “Багыш айылынын жаштары” фонду түзүлгөн. Орусияда иштеп жүрсө да, кичи Мекенине жардам берүүнү чечкен элеттиктердин акчасы бул фонддо топтолуп турган. Айыл өкмөтү өз кезегинде спорт комплексине курулуш материалдарын сатып алуу жана курулуш иштери боюнча алектенип, фонддун жана калктын алдында отчет даярдаган.

– Биз жергиликтүү мектеп үчүн спорт комплексинин курулушуна финансылык жардам көрсөткөнү үчүн жердештерибизге ыраазыбыз. Эми балдардын жакшы, жылуу залы бар. Бул жерде дене тарбия сабактары өтүп, балдар спорт менен машыгa алышат. Жакында эле бул жерде республикалык олимпиада өттү, - деп кубанычы менен бөлүштү айыл өкмөтүнүн кызматкери.

## Ырыс АА: бала кезден тартып эле өз укуктарыңды билүү маанилүү

### Сузак району

Балдардын жана жаштардын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен өнүгүү программасын ишке ашыруунун алкагында Ырыс айыл өкмөтү адамдардын укуктары тууралуу жаштарга маалымат берүү үчүн ОПЦ менен биргеликте иш-чараларды өткөрүп келатат. Бул өспүрүмдөр арасында тартип бузууларды болтурбоо, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана милицияга ишенимди арттыруу үчүн жасалып жатат.

Өзгөчө жаштар арасында ЖӨБ органдарына жана тартип коргоо органдарына ишенбестик маселесине дебаттар арналды. Бул дебаттар элеттиктер арасында кызуу талкууга алынды. Катышуучулар үч топко бөлүнүштү: 1 – “Жаштар”, 2 – “Айыл өкмөтү”, 3 – “Милиция”. Бул үч топ кезек-кезеги менен ар бир топтун позициясын жана кемчиликтерин талкуулап, андан соң ролдору менен алмашып турушту. Талкуу эки айлампа менен өттү. Биринчи айлампада курамына өспүрүмдөр, ОПЦ жана айыл өкмөтүнүн кызматкерлери кирген катышуучулар терс жана оң көрүнүштөрдү карашты. Соңунда ар бир тарап бир суроого жооп бериши керек эле: милиция кызматкеринин, бийлик өкүлүнүн, жабырлануучунун ордунда болсоң эмне кылаар элең?

Дебаттардын соңунда өз укуктары тууралуу маалымат алган айрым өспүрүмдөр ЖӨБОдо жана тартип коргоо органдарында практикадан өтүүнү чечишти. Айыл өкмөтү профилдик окуу жайларга уюштурган экскурсиялар, балдардын “Шанс” театр-форумунун оюнун чогуу көрүү да абдан пайдалуу болду. Өзгөчө райондук ички иштер бөлүмүнө сапар да кызыктуу болду. Бул жерде өспүрүмдөр жарандардын коопсуздугу үчүн жооп берген структура кантип иштей турганын “ичинен” көрө алышты.

## Новопокровка ААда жаштар эми убактысын кызыктуу өткөрө алышат

### Ысык-Ата району

Новопокровка айылдык аймагынын жаштар сарайы – элеттиктердин башын бириктирчү, Ысык-Ата району боюнча аймактагы жалгыз борбор. Бул жерде кыздар үчүн бий ийрими өзгөчө белгилүү. Ийримдер хореографияга, пластикага үйрөтөт. Бул азыр гана ушундай жерге айланды. Ал эми мурда бул айылда өспүрүмдөрдүн мектептен кийинки бош убактысын пайдалуу өткөрүү көйгөйү баш ооруткан маселе эле. Кыздар үчүн бош убакытты өткөрүүгө пайдалуу иш-чаралар болбогону алардын муктаждыктарын изилдеп жаткан маалда аныкталган. Жаштар сарайында көптөн бери эле 10 ийрим иштеп жаткан: эркин жана грек-рим күрөшү, машыктыруучу залдар, балдар үчүн секциялар. Бирок бул жагынан алып караганда кыздар үчүн алгылыктуу эч кандай ийримдер түзүлбөптүр. Бий залын ачкандан баштап, кыздарда бош убактысын чыгармачылыкка жана музыкага арноо үчүн мүмкүнчүлүктөр пайда болду.

Элеттиктердин айтымында, Жаштар сарайы такыр ээнсиребейт: бул жерде “Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы” темасына дил баяндарга сынак өтүп, ага жергиликтүү орто мектептерден 8-11-класстарынын окуучулары катышты. Жеңүүчүлөр залкар жазуучунун чыгармаларын мыкты билээрин далилдеп, бул үчүн баалуу байгелерди алышты. Мыкты деп табылган дил баяндар Айтматов атындагы эл аралык фондго жиберилди. М



# Жергиликтүү жамааттар өз күчү менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргелешип, жергиликтүү маанидеги маселелерди кантип чечип жатышат?

**Нургуль ЖАМАНКУЛОВА, Айнура БАЛАКУНОВА, Анара МУСАЕВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун материалдары боюнча даярдалды

Таштанды үчүн челектер, отургучтар, прожекторлор, шлангдар жана чөптү сугарып туруу үчүн “вертушкалар”, сейил бак үчүн чөп тегиздегич – бул белектин баарын 2019-жылдын апрель айынын соңунда Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак айылындагы “Жамааттар аракетте” Демилгелүү тобунун мүчөлөрү алышты. Эми Демилгелүү топ таштанды үйүлгөн жерди тазалап, анын ордуна жаңы сейил бакты көрктөндүрүү үчүн ишин жандандырат. Бул сейил бак үчүн өткөн жылдары бир топ убакыт, каражат жана күч жумшалган болчу. 2018-жылы алар “Жергиликтүү демилге” конкурсуна катышкандан кийин алардын ийгиликтүү практикасы тууралуу кошуна муниципалитеттер гана эмес, дээрлик жалпы Кыргызстан да биле алды.

2018-жылы ноябрда Ош жана Нарын шаарларында “Жергиликтүү демилге – 2018” темасына аймактык форумдар өткөн. 200гө жакын адам, жергиликтүү жамааттардын лидерлери, демилгелүү топтордун мүчөлөрү, коммерциялык эмес уюмдар, муниципалдык мекемелердин жана уюмдардын өкүлдөрү, Ош жана Нарын облустарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын жана айылдык аймактардын жергиликтүү кеңештери чогулуп, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ийгиликтүү тажрыйбанын мисалдарын талкуулашты.

Эки облустун катышуучулары ийгиликтүү демилгелердин мисалдары, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелердин ролу, бул процессте жарандардын катышуусу менен таанышып чыгышты. “Жергиликтүү демилге – 2018”, “2019-жылга жергиликтүү бюджетти түзүүдө жарандардын реалдуу катышуусу” жана “Жарандарды бюджеттик процесске тартууда жарандык коом уюмдарынын (БЭУ) ролу” аттуу үч конкурс өттү. Бул конкурстар “Элдин үнү жана ЖӨБ орган-



дарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун алкагында өткөрүлдү. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат. Конкурстарга түшкөн өтүнмөлөрдүн ичинен демилгелердин мыкты мисалдары катышуучулардын назарына сунуш кылынды.

Форумду ачып жатып, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси Бекболот БЕКИЕВ 2018-жылы Долбоордун максаттуу жана максаттуу эмес өнөктөштөрү өзгөчө жигердүүлүгүн көрсөтө алышканын белгилеп, бул үчүн баарына терең ыраазычылыгын билдирди. БЕКИЕВ Долбоор өз мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде ачык-айкындуулукту камсыздоодо мындан ары да ЖӨБ органдарына жана жергиликтүү жамааттарга колдоо көрсөтө берээрин баса белгиледи: “Үч конкурстун жалпы байге фонду 2018-жылы бир миллион 420 миң сом көлөмүндө болду. Бул каражатты биздин Долбоордун алкагында Швейцария өкмөтү берди. Бул анчалык деле чоң байге фонду эмес, бирок ушундай конкурстарды өткөрүп жатканда биз “акча таратуу” максатын көздөбөйбүз. Негизгиси – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган ийгиликтүү демилгелердин мисалдарын аныктоо, бул демилгелердин авторлоруна колдоо берип, аларды шыктандыруу, алардын тажрыйбасын жайылтууга көмөк көрсөтүү. Форумдар жетишилген жыйынтыкты, ийгиликтүү демилгелерди, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү демилгелердин ролун жана бул процессте жарандардын катышуусун талкуулоо максатында уюштурулган. Үч конкурска түшкөн өтүнмөлөрдүн ичинен демилгелердин мыкты мисалдарын Ош, Нарын жана Чүй облустарындагы, Баткен жана Бишкек шаарларындагы ЖӨБО жана жарандык коомдордун өкүлдөрү тааныштырышат”.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Нарын облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Касен АСИЗОВ жана Ош облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Аппаратынын регионалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн жетекчиси Рахманберди МОНОКБАЕВ, ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) расмий өкүлдөрүнүн атынан Зарлык ТУРГУНБАЕВ жана Кайрат ТУРСУНОВ, КР ЖӨБ Союзунун директорунун орун басары Кадырали ИМАНОВ, өнөктөш уюмдардын өкүлдөрү форумга катышты. Алар мыкты практиканын мисалдарына күбө болуп, үч конкурстун тең катышуучуларын куттукташып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун





өнүгүүсүндө жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессинде өз ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылууда мындан аркы ийгиликтерди каалашты.Аймактарды өнүктүрүү жылында КР Өкмөтүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүн колдоого багытталган иш-чаралары тууралуу жана долбоорлордун алкагында муниципалитеттердин ийгиликтери тууралуу КР Өкмөтүнүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары айтып берди: “Муниципалитеттердин өкүлдөрү бийлик жергиликтүү өз алдынча башкаруудан баштала турганын, ал эми жергиликтүү жамааттар аларга жергиликтүү демилгелер аркылуу өнүгүүгө жардам берип жатканын дагы бир жолу далилдешти. Анткени дал ушул силердин жетишкендиктериңер жана жыйынтыктар аркылуу донорлорду жана алардын каражаттарын тартып, муну менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө салым кошуп жатасыңар. Силердин байге каражатыңар жер-жерлерде, мектептерде, мектепке чейин мекемелерде, жаштар жана карапайым эл бош убактысын өткөрө алчу жайларда муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн шарттарды жакшыртууга багыттала турганы да абдан жакшы”.

Касен АСИЗОВ, КР Өкмөтүнүн Нарын облусундагы Ыйгарым укуктуу өкүлү: “КР Президенти 2018-жылды Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыялагандан бери биздин облуста социалдык-экономикалык абалды жакшыртууга багытталган көптөгөн иш-чаралар өткөрүлдү жана уланып жатат. Жылдын башында биз нарындык жердештердин башын Бишкекте бириктирдик. Алар бул багыттагы биздин демилгебизди колдоп берип, жалпы суммасы 768 миллион сомго 361 долбоорду каржылоого жардам беришти. Алардын ичинен бүгүнкү күндө 241 долбоор аткарылган. Мындан тышкары биз жыл сайын эл аралык инвестициялык форумду өткөрүп турабыз. Бул жылы да өтөт – июнь айында беш меморандумга кол койдук, андагы иш-чаралар аткарыла баштады. Ошону менен катар дары чөптөр менен иштөө жана Ат-Башы районунда логистикалык борборду ачуу боюнча иштер жасалууда. Биздин облуста иштей баштаган дагы бир долбоор – Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору. Долбоордун иши ЖӨБ органдарынын ишиндеги ачык-айкындуулук-

***1-диаграмма. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун конкурстарына келген өтүнмөлөр, Ош жана Нарын облустары***




***2-диаграмма. 2013-жылдан 2018-жылга чейин VAP Долбоорунун конкурстарына түшкөн өтүнмөлөр***



ту камсыз кылууга жана жарандардын жергиликтүү бюджеттерди талкуулоого жана аткарууга катышуусун күчөтүүгө багытталган. Форум өз максатына жетип, ийгиликтүү демилгелер менен таанышуу үчүн бөлүнгөн убакытты туура колдонуп, тажрыйба алмашабыз деп ишенем. Андан соң жеңүүчүлөргө жана байге ээлерине сыйлык тапшырабыз".

Зарлык ТУРГУНБАЕВ, КР ЖӨБЭММАнын Ош облусундагы өкүлү: "Силердин ийгилик – бул өз муниципалитетиңизди өнүктүрүү үчүн жумшаган күч-аракеттин жыйынтыгы. Силер алакан жайып, өкмөттөн акча күтүп отуруп албастан, өзүңөр эле мүмкүнчүлүктөрдү издеп, конкурстардан утуп, анын жыйынтыгында инвестицияларды алып, бул акчаны жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө инфраструктураны жана социалдык объекттерди өнүктүрүүгө багыттап жатасыңар. Бул конкурстар таза өткөнүнө ишенем. Атүгүл Бюджеттик кодексте да бюджеттик процессти жергиликтүү калк менен ачык талкуулоону өткөрүүдө ЖӨБОнун милдеттери жана жергиликтүү демилгелер тууралуу айтылат. Бүгүнкү форум сизге башка муниципалитеттерден мыкты демилгелердин мисалдары менен терең таанышууга жардам берет".

2018-жылы "Жергиликтүү демилге" конкурсуна Ош (46) жана Нарын (29) облустарындагы айылдык аймактардан 75 өтүнмө түшкөн. Анын ичинде 21 өтүнмө максаттуу эмес муниципалитеттерден болгон. "Жарандардын бюджеттик процесске реалдуу катышуусу" конкурсуна 28 өтүнмө түштү: Нарын облусунан 10, Ош облусунан 14 өтүнмө. "Жарандарды бюджеттик процесске тартууда жарандык коом уюмдарынын (БЭУ) ролу" конкурсуна 10 өтүнмө түштү: бешөө Ош облусунан жана бешөө Нарын облусунан (1-диаграмманы караңыз).

Жалпысынан ЭҮЖӨБОЖ Долбоору иш жүргүзгөн убакыт аралыгында 2013-жылдан бери үч конкурска беш облустан – Жалал-Абад, Ысык-Көл, Чүй, Ош жана Нарын облустарынан 477 өтүнмө түштү (2-диаграмманы караңыз):

"Жергиликтүү демилге-2018" форумдары да тажрыйба алмашуу аянтчасына айланды. Бул форумдун алкагында демилгеси инновациялык деп табылган же жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн алдыңкы тажрыйбаларын колдонгон конкурстун катышуучулары кесиптештерине өз практикасын көрсөтүп беришти. Форумдун программасында өлкөнүн ичинде да, сыртында да, мисалы, Латвияда мыкты практиканын мисалдары келтирилди. Латвияга Долбоордун алкагында тажрыйба алмашуу боюнча иш сапарга барып келген Ош облусунун Жазы айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Максатбек ИБРАИМОВ жана Нарын облусунун Ак-Тал айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Эркин САТАРОВ көргөн-билгендерин форумда айтып беришти.

Сабина ГРАДВАЛЬ, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары: "Соңку алты жылдын ичинде турмуштун минималдуу шарттарын түзүүгө,




коопсуздукка (ичүүчү суу, жолдор жана көпүрөлөр, көчөлөрдү жарыктандыруу, муниципалдык транспорт, таштанды жыйноо жана чыгаруу ж.б.) багытталган демилгелер жер-жерлерде көтөрүлгөн демилгелердин басымдуу бөлүгүн түзүүдө – 25-30% болууда. Ал эми 2014-жылдан баштап социалдык чөйрөдөгү категориялар бардык демилгелердин басымдуу бөлүгүн түзүп жатат: 2014-жылы 54,1 пайыздан 2018-жылы 56 пайызга чейин жетти. Ошону менен бирге мектепке чейинки жана мектептеги билим берүү үчүн шарттарды түзүү боюнча маселелелер лидер бойдон кала берүүдө. Келечегине инвестиция жасаган жергиликтүү жамааттардын катышуусун да баса белгилей кетүү зарыл. 2018-жылы жамааттардын акча түрүндөгү же эмгек салымы 45% түздү. Ал эми жергиликтүү бюджеттерден бөлүнгөн салым 24 пайыз менен экинчи орунда турат. Форумда берилген ар бир мисал чоң кызыгууну жаратты. Себеби ар бир жергиликтүү демилге – бул жамааттар басып өткөн жол. Бул долбоорлордо биринчи кадамды жашоочулар – кээде топтор, кээде бир гана лидер тарабынан жасалат. Бирок ар бир мисалдын ийгилиги күч-аракеттерди бириктирүүгө негизделген. Себеби жергиликтүү демилге дайыма калктын эң курч көйгөйлөрүн чечүүгө багытталат. Ар бир демилгенин ийгилиги үчүн жана аны чоң ишке айландыруу үчүн шарттар талап кылынат. Алардын ичинен эң негизгиси – бул ЖӨБ органдары менен жергиликтүү жамааттын эриш-аркак иш алып баруусу, демилгечилердин жергиликтүү ресурстарга, ЖӨБ органдары башкарган бюджетке жетимдүүлүгүнүн так эрежелери".

Ошондой эле соңку эки жылда аял авторлордун үлүшү 5 пайызга өскөнү билинди: 2016-жылы 46% болсо, 2017-жылы 55%, ал эми 2018-жылы 51% болду. Мындан тышкары аялдардын демилгелери ийгиликтүү болуп, донорлордун, өнүгүү боюнча программалардын жана долбоорлордун колдоосуна ээ болуп жатат.

Бекболот БЕКИЕВ, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчиси: "Эмне үчүн Швейцариянын Өкмөтү биздин Долбоор аркылуу жергиликтүү демилгелерди колдоп, байгелерге акча берип жатат? Себеби бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өзөгүн

***3-диаграмма. "Жергиликтүү демилге – 2018" конкурсунун тематикасы***






түзгөн маанилүү коомдук кыймыл. Жеңүүчүлөрдү аныктап жатканда биз конкурстук комиссиядан жашоочулар менен ЖӨБ органдарынын кызматташтыгына өзгөчө көңүл бурууну өтүндүк. Себеби ЖӨБ органдары өз ишинде калктын муктаждыктарын эсепке алып, муну жасашы керек деген ишенимдебиз. Ошону менен бирге ЖӨБ органдары жамааттагы турмуш шарттарды жакшыртуу боюнча биргелешкен иш-аракеттерди да уюштуруп, адамдардын демилгелерине шыктандырып турууга тийиш. Мындай демилгелерди шыктандыруу үчүн аларды жергиликтүү бюджеттерден кош каржылоонун механизмин киргизүүнү сунуш кылабыз. Бул механизм жамаатка дем берүүчү грант деп аталат жана КРнын айрым шаарларында колдонула баштады. Ал эми Орусияда бардык жерлерде колдонулуп жатат. Биз азыр бул маселе боюнча Жобону бекитүү багытында иштерди жасап жатабыз жана ал жактырылат деп ишенип туралы".

Форумдар өз ишин жалпы маалыматтар менен тааныштыруудан башташты. Өткөн үч конкурс боюнча маалыматты Долбоордун адистери БАЛАКУНОВА Айнура, МУСАЕВА Анара жана МАМЫТОВ Азамат тартуулашты.

"2018-жылы "Жергиликтүү демилге" конкурсуна 32 муниципалитеттен 75 өтүнмө түшкөнү анын өзгөчөлүгү болду. Башкача айтканда, айрым муниципалитеттер бир нече өтүнмө беришкен:

- Кызыл-Суу АА, Ош облусу – 6 өтүнмө;
- Көк-Жар АА, Ош облусу – 5 өтүнмө;
- Ылай-Тал АА, Ош облусу – 5 өтүнмө;
- Шарк АА, Ош облусу – 5 өтүнмө;
- Ак-Тал АА, Нарын облусу – 4 өтүнмө.

Буга чейинки жылдары болуп келгендей эле, бул жылы да биз муниципалитеттердин аталышын коддун ичине "катып" койдук. Башкача айтканда, комиссиянын мүчөлөрү демилгелерди баалап жатканда кайсы муниципалитет өтүнмөнү даярдаганын билген эмес. Ушул эле учурду 2018-жылы миллион сомдон грант алууга сертификаттарды тапшырып жатканда ЖӨБЭММАнын директору Б. У. САЛИЕВ баса белгиледи. Ал конкурстук өтүнмөлөрдү баалап жатканда башка долбоорлор жана уюмдар да ушул механизмди колдонсо жакшы болоор эле деген ниетин билдирди", - деп айтты Долбоордун жарандык катышуу боюнча адиси Айнура БАЛАКУНОВА.

Конкурста бардык демилгелер жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталганына карабастан, 2018-жылы конкурстун тематикасын шарттуу түрдө төрт багытта бөлүп койсо болот. Бирок бул мезгил аралыгында социалдык чөйрө лидер бойдон кала берүүдө – 2018-жылы 42 өтүнмө ушул темага арналган (3-диаграмманы караңыз)[1].



"Өтүнмөлөрдү жашоочулардын, мугалимдердин, же бала бакчалардын, жалпы билим берүүчү мекемелердин тарбиячыларынын ичинен чыккан жергиликтүү лидерлер жана ЖӨБ органдары даярдап жатканы кубандырат. Мисалы, 2018-жылы 75 өтүнмөнүн ичинен 18ин

[1] Бул темада кеңири анализ "Муниципалитет" журналынын 2018-жылдын сентябрь айында чыккан №9 (82) атайын чыгарылышында берилген, ошондой эле сайттан да окуй аласыз: www.municipalitet.kg

мугалимдер/мекемелер даярдаган, 22 өтүнмөнү ЖӨБ органдары, 28 өтүнмөнү жергиликтүү лидерлер даярдаган, – деп айтты Долбоордун жарандык катышуу боюнча адиси Анара МУСАЕВА.

Мыкты жергиликтүү демилгелердин аял авторлору өтүнмөнү гана даярдап, жеңишке жетип тим болбостон, ошону менен бирге кесиптештери менен тажрыйбасын бөлүшүү үчүн башка жакка барууга даяр. Мисалы, “Жергиликтүү демилге – 2018” конкурсунда үчүнчү орунду ээлеген орто мектептин мугалими Роза ЮЛДАШЕВА Кара-Суу районундагы Шарк муниципалитетинде жашайт. Ал Нарынга барып, “Үй-бүлө, мектеп жана коом” демилгеси тууралуу айтып берди[1]: “Албетте, биз биринчи орунду ээлейбиз деп үмтөтүп турганбыз. Бирок биздикинен да мыкты демилгелер бар экен! Биздин демилгебиз мыктылардын катарына кирип, үчүнчү орунду ээлегенине сүйүнүп жатабыз! Байге катары берилген 50 миң сомго мектеп үчүн футбол шаймандарын сатып алабыз: футбол, волейбол жана баскетбол топторун, теннис үчүн ракеткаларды, теннис үстөлү үчүн торчону, секиргич, секундомер, гимнастикалык жана ыргытма топторду, “3х1” принтерин алабыз.

Үчүнчү орунду ээлеген “Балдар үчүн парк” аттуу демилге тууралуу Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Жаңы-Талап айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Кенжебай БЕЙШЕНКУЛОВ айтып берди. Бул демилге да 50 000 сом байге алган: “Жаңы-Талап айылынын тургундарынан турган демилгелүү топ ачык парк аркылуу балдардын жигердүү эс алуусу жана өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүп берүүнү чечти. “Көп түкүрсө көл болот, көл толкуса сел болот”деген ураан алдында көпчүлүк элеттиктерди тарттык. Баары балдар сейил багы идеясына түшүнүү менен мамиле жасап, уюштуруучуларга кошулуп, парк үчүн акча бөлүп берүү тууралуу маселени чечүүгө даярдыгын билдиришти. Бишкекте жашап, иштеп жаткан жердештерибизди чакырып, марафон өткөрүп, 300 миң сомду накталай, 280 миң сомду жабдуу түрүндө чогулттук. Эл чогулткан акчаны көзөмөлдөө үчүн эсеп комиссиясы түзүлдү. Парктын курулушуна акчалай же башка жол менен жардам бере албай калган элеттиктер эмгек



салымын кошууга даярдыгын билдиришти. Марафонго катышкан аялдар парктын курулушчуларына кезектешип ысык тамак жасап бермей болушту. Жергиликтүү бийлик жашоочулардын демилгесине түшүнүү менен мамиле жасап, айылдын борбордук бөлүгүндө 0,15 гектар муниципалдык жер бөлүп берди жана бул объектти документтештирүү жоопкерчилигин өзүнө алды. Бул демилгенин ийгиликтүү ишке ашуусу жаңы идеяны табууга шыктандырды – жаштар үчүн спорт комплексин куруп берүүнү чечтик. Биздин демилге жергиликтүү бийлик менен калк ортосундагы ишенимдүү жана ачык иштин үлгүсү боло алат”.

Бүлөлү муниципалитетинин айыл өкмөт башчысы АРТЫКОВ Бакыт “Кол-Чаты айылынын тургундарын таза суу менен камсыз кылуу” демилгеси менен тааныштырды. Бул демилге конкурста экинчи орунду ээлеген: “Кол-Чаты айылында 62 кожолук же 275 киши жашайт. Айыл тургундары дарыянын суусун колдонуп келишет. Бул демилгенин натыйжасында алар таза суу менен туруктуу камсыз болду. Социалдык объекттердин жана турак үйлөрдүн санитардык-гигиеналык абалы оңолду. Балдар арасында жугуштуу ооруларды



[1] Бардык демилгелердин толук сүрөттөлүшүн “Муниципалитет” журналынын 2018-жылдын сентябрь айында чыккан №9 (82) атайын чыгарылышынан таба аласыз. Ошондой эле сайттан да окуй аласыз: www.municipalitet.kg



жуктуруп алгандардын саны азайды. Үйлөрдүн тегерегиндеги чарбактар иштетилип, түшүмдүүлүк да жогорулады. Калкка кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу үчүн байге каражатына биз айыл өкмөтүнүн имараты үчүн эмерек, шкаф, кресло, отургуч сатып алдык".

"Жергиликтүү демилге – 2018" конкурсунда биринчи орунду ээлеген, 150 000 сом утуп алган демилге албетте, талкуунун негизги темасы болду. Бул демилге "Таштанды төгүлчү жердин ордуна эс алуу паркы" деп аталат. "Биздин айылдык аймактын бардык тургундары жергиликтүү маанидеги маселелер менен бийлик өкүлдөрү гана алектениши керек деген ойдо болуп келген. Мындан улам биз көпкө чейин бюджеттик процесске катышпай жүрдүк. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун окууларына катышкандан кийин биз бул процесске катышууга, ЖӨБ органдары менен чогуу жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө ТИЙИШ экенибизди түшүндүк. Узакка созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин биз аянты 20 сотик болгон таштанды төкчү жерди элеттиктердин эс алуусу үчүн тосмолонгон сейил бакка айландыра алдык. Муну менен муниципалитетибиздин дагы бир артыкчылыктуу көйгөйүн чечтик. Аймакты тосмологондон кийин көчөттөрдү отургуза баштадык, бүгүнкү күндө алар тамыр жая баштады. Бул иштердин жыйынтыгын көргөн элде жана ЖӨБ органдарында айылдык аймактын жашоосуна катышып, бардык көйгөйлөрдү чогуу чечсе болот деген ишеним пайда болду. Айылга карата мамиле да өзгөрдү, ал мурдагыдан да жандана түштү. Ал эми АКИ-пресс порталында биздин ийгиликтүү демилгебиз тууралуу макала чыккандан кийин башка айылдар да биздин демилгебизди жогору баалап, "таштанды төкчү жер бакка айланган экен" деп таң калып жатышат. Бүгүнкү күндө бул жер айылыбыздын эс алуу жайына жана сыймыгыбызга айланды", - деп айтты Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак айылынын жергиликтүү жамаатынын лидери Кымбат ЖУНУСОВА.

"2019-жылга жергиликтүү бюджетти түзүүдө жарандардын реалдуу катышуусу" конкурсунда биринчи орунду ээлеген Ош облусунун Ноокат районундагы Көк-Жар айыл өкмөтү бюджет боюнча коомдук угууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча өз тажрыйбасы менен бөлүштү: "2018-жылдын 11-июлунда биз 2019-жылга бюджет долбоору боюнча коомдук угууларды өткөргөнбүз. Угууларда биздин муниципалитетибиздин бюджети каралган. Бюджет 25 миллион 376 миң 200 сом көлөмүндө пландалган. Жалпысынан угууларга 343 адам катышып, алардын ичинен 209у аялдар болду. Ош облусунун Көк-Жар айылдык аймагындагы коомдук угуулардын жыйынтыктары боюнча 113 суроо жана сунуш түштү. Алардын ичинен негизги бешөө долбоорго кошулду. Бул беш маселени чечүү үчүн жергиликтүү бюджеттин долбооруна 870 миң сом көлөмүндө өзгөртүүлөр киргизилди:

- бир айылда суу түтүктөрүнүн ремонтуна – 50 миң сом;







- төрт айылда бирден көчөнүн жолдорун оңдоого (майда кум төгүүгө) – 100 миң сом;
- беш айылда көчөлөргө жарык өткөрүүгө (бирден көчөгө) – 170 миң сом;
- Ош-Исфана трассасында светофорду орнотууга – 350 миң сом;
- башка сунуштар – 200 миң сом”,

– деп айтып берди Көк-Жар АӨ башчысы Бакыт АРТЫКОВ.

Андан соң форумдун программасына ылайык, кесиптештерине өз демилгелерин сунуш кылган үч облустун жана эки шаардын өкүлдөрү сөз сүйлөштү. Форумдун катышуучулары да көйгөйлөрдү, келечекти жана муниципалитеттердин деңгээлинде “Жергиликтүү демилгенин” туруктуулук маселесин талкуулашты.

Анара МУСАЕВА, ЭУЖӨБОЖ Долбоорунун адиси: “Форумдун бул бөлүгү жергиликтүү демилгелер кимден көз каранды жана ал үчүн ким жоопкерчилик алышы керек деген боюнча пикирин билүү максатында өткөрүлдү. Ошону менен бирге биз ЖӨБ органдарынын, жергиликтүү жамааттын жана жарандык коом уюмдарынын жергиликтүү демилге, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде анын туруктуулугун жана системалуулугун камсыз кылуунун усулдары жана жолдору тууралуу пикирлерин билгибиз келди”.

Бул үчүн форумдун катышуучулары жасаган иштерине жараша шарттуу түрдө эки чакан топко бөлүнүп, төмөнкү суроолорго жооп беришти.

## Жергиликтүү демилгенин келечеги

### Жергиликтүү демилгелер кимден көз каранды? Жергиликтүү демилгелер үчүн ким жоопкерчилик алышы керек?

Ар бир топ берилген суроолорго жооп узатуу менен, жергиликтүү маанидеги маселелерди аныктоодо, аларды чечүүнүн жолдорун табууда, жергиликтүү бюджеттерди түзүүдө жана аткарууда жарандык катышууну жакшыртуу боюнча өз сунуштарын беришти. Мисалы, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттардын жана жарандык коом уюмдарынын лидерлери жергиликтүү демилгенин келечеги биринчи кезекте ЖӨБ органдарынан көз каранды экенин белгилешти. Жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрүнүн баамында, жергиликтүү кеңеш саясатты аныкташы керек. Ошондуктан жергиликтүү деңгээлде “Жергиликтүү демилге жөнүндө” Жобону иштеп чыгууга тийиш. Ошону менен бирге жамаат жигердүү болуп, жеринде демилгени көтөрүшү керек.

“Жергиликтүү демилгелер үчүн жоопкерчиликти бардык тараптар, бирок биринчи кезекте айыл өкмөтү, жергиликтүү кеңеш алышы керек. ЖӨБ органдары жамаатты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнү координациялоо, уюштуруу жана тартуу үчүн жооптуу. Ал эми жергиликтүү жамааттын лидерлери, түрдүү демилгелердин мүчөлөрү жеринде турмушту жакшыртуу боюнча демилгелерди көтөрүүгө кызыкдар болууга тийиш”, - деп чечишти катышуучулар.

### Жергиликтүү демилгелер колдоого алынып, өнүгүүсү үчүн эмнелерди жасаш керек?

Бул үчүн катышуучулар төмөнкүлөрдү сунуш кылышты:

- ченемдик актыны кабыл алуу же механизмди жергиликтүү жамааттын Уставында бекитүү;
- жергиликтүү бюджеттен жергиликтүү демилгени кошо каржылоо үчүн каражат бөлүп берүү;
- калктын маалымдуулугун камсыз кылуу.

Талкуунун соңунда “жергиликтүү демилге” тер-



маңызы боюнча, жергиликтүү демилге – бул адамдардын өз күчү менен жашоо шарттарын жакшыртууга умтулуусу. Мындан улам жергиликтүү демилге жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

“Атүгүл жергиликтүү демилге – бул убакытка баш ийбеген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эссенциясы. Чындыгында эле, миңдеген жылдар өтсө да жергиликтүү демилге мурдагыдай эле адамдардын коомдоштугунда, анын ичинде Кыргыстандын жергиликтүү жамаатында да орун алган. Жергиликтүү демилгелердин тематикалык багыты коомдордун өнүгүүсүнүн деңгээлин чагылдырат, жергиликтүү жамааттын алдында кандай максаттар турганын көрсөткөн жакшы индикатор болуп берет. Жергиликтүү жамааттар бир маселени чечиши керек – сактап калып, жашап кетиш керекпи, же өзгөрүп, өнүгүш керекпи? 2014-жылы эле ушул өңдүү аймактык форумда[1] биз жергиликтүү демилгенин темалары жана багыттары инфраструктурага байланышкан маселелерди чечүүдөн социалдык көйгөйлөрдү чечүү чөйрөсүнө өтүшү керек деп айткан элек. Себеби жарандар инфраструктуралык долбоорлорду аткаруу милдетин өзүнө алган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу эс алып, адамдар ашар жолу менен эле жолдорду оңдоп коет, бала бакчаларды куруп салат деп ишенип, кошумча ресурстарды издебей калышат. Ал эми бул туура эмес. Жарандардын чыгармачыл потенциалын жана энергиясын башка багытта колдонсо болот. Мисалы, салттарды жана маданий мурасты сактап калуу үчүн, спортту өнүктүрүү, кары адамдарга жардам берүү өңдүү иштер үчүн колдонсо болот. Ал эми инфраструктура – бул жергиликтүү маанидеги иштер, ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тикелей милдети жана иши. Албетте, инфраструктуралык көйгөйлөрдү чечүүдө жарандардын катышуусун таптакыр эле четке кагып салбаш керек. Бирок адамдар бул иштерди айласы кеткендиктен жасап жатканын түшүнүш керек. Муниципалитеттердин социалдык өнүгүүсүндө жарандардын катышуу мүмкүнчүлүктөрүн жана механизмдерин жергиликтүү демилгелер, социалдык заказ аркылуу өнүктүрүү зарыл”, - деп эсептейт ӨСИнин башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА.

минин жергиликтүү деңгээлде бекитүү үчүн Айылдык аймактын/шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун гранттарынын эсебинен айылдык аймактын/шаардын өнүгүүсүнө багытталган долбоорлорду (идеяларды) тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө Типтүү жобо сунуш кылынды.

Азамат МАМЫТОВ, ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адиси: “Айылдык аймактын/шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун гранттарынын эсебинен айылдык аймактын/шаардын өнүгүүсүнө багытталган долбоорлорду (идеяларды) тандап алуу жана каржылоо тартиби жөнүндө Типтүү жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан. Жобо жергиликтүү бюджетте каралган гранттардын эсебинен, донорлордун, анын ичинде эл аралык уюмдардын акча каражатынын, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу салымдарынын эсебинен айылдык аймактын/шаардын өнүгүүсүнө багытталган долбоорлорду (идеяларды) тандап алуу жана каржылоо тартибин жөнгө салат”.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусунун формаларын өнүктүрүү, коммерциялык эмес уюмдарга, анын ичинде аймактык коомдук өз алдынча башкарууга, демилгелүү топторго, жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү түзгөн бирикмелерге ишинде колдоо көрсөтүү, калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын айылдык аймакты/шаарды өнүктүрүүгө багытталган күч-аракеттерин бириктирүү гранттардын эсебинен долбоорлорду тандап алуунун жана каржылоонун максаты болуп саналат. Жергиликтүү жамааттан бөлүнгөн каражат, донорлордун, анын ичинде эл аралык уюмдардын акча каражатынын, жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу салымдары гранттардын булагы болуп эсептелинет.

Уюштуруучулардын айтымында, өзүнүн

[1] http://municipalitet.kg/ru/article/full/828.html

Сунушталган Типтүү Жобо катышуучулардын колдоосуна ээ болду. Алар ийгиликтүү жергиликтүү демилгелерди колдоо маанилүү экенин белгилешти. Себеби дал ушул жергиликтүү демилге Кыргызстанда жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнөктөштүгү менен, иштин алдыңкы усулдарын, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн жаңы ыкмаларын колдонууга көмөктөшөт.



Форумдун ишин жыйынтыктоочу бөлүгү үч конкурстун жеңүүчүлөрүн жана байге ээлерин сыйлоо аземи болду. Толугураак маалыматты Долбоордун сайтынан (www.vap.kg[1]) жана «Муниципалитет» журналынын 2018-жылдын сентябрындагы №9 (2) атайын чыгарылышынан[2] окуй аласыз.

Конкурс жөнүндө Жобонун шарттарына ылайык, байге каражаттары жергиликтүү эл үчүн шарттарды жакшыртууга жана коомдук иш-чараларды өткөрүүгө гана багытталат.

- Эс алуу жайларынын (сейил бактардын, балдар аянтчасынын) шарттарын жакшыртууга – отургучтар, урналар, чөп тегиздегич, прожекторлор, селкинчектер, турниктер, муз дөбөлөр, брусчаткалар.
- Мектепке чейинки билим берүү үчүн мекемелерди жабдуулар: эмерек, оюнчуктар, кеңсе техникасы.
- Спорт менен алектенүү үчүн шарттарды түзүүгө: спорттук шаймандар.
- Кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртууга: көчөлөрдү жарыктандыруу үчүн лампалар, перфоратор, ширетүүчү аппарат.
- Кызмат көрсөтүүлөр үчүн айыл өкмөттүн шарттарын жакшыртууга: эмерек, кеңсе буюмдары, телевизор, жүгүртмө сап.
- Аялдардын көндүмдөрүн жогорулатуу үчүн шарттарды жакшыртууга: тигүүчү машинелерди сатып алуу.
- Маданиятты өнүктүрүүгө: улуттук кийимдер, аспаптар.
- Жаштар менен иштөөгө: кеңсе техникасы.
- Калктын социалдык жактан аялуу катмарларына жардам берүүгө: эмерек, кеңсе буюмдары, китептер ж.б.

## 2018-жылы “Жергиликтүү демилге” конкурсунун өзгөчөлүктөрү

- Жергиликтүү жамааттын лидерлери жергиликтүү демилгелердин авторлору болуп көбүрөөк чыга башташты.
- КТК боюнча демилгелер бир жолку масштабдуу ашар жолу менен таштандыны жыйнап коюу эмес, көйгөйдү чечүүнүн системага салынган жолдорун, анын ичинде калк арасында түшүндүрүү жана тарбиялык иштерди жүргүзүү түрүндө боло баштады.
- Байгелерди кошкондо көбүрөөк ресурстар жергиликтүү демилгени улантуу үчүн колдонууга пландалып жатат.
- Барган сайын көбүрөөк иш-чаралар демилгелердин туруктуулугуна жетүүгө багытталып жатат.

Катышуучулар жергиликтүү демилгени ЖӨБ органдары системага салып, туруктуу кылышы керек деген бир пикирге келишти. Мында жергиликтүү бюджеттен демилгелерди кошо каржылоо механизмдерин түзүү биринчи кадам болуп калышы керек. Бул процессте өз ролун ЖӨБ органдары 2018-жылдан баштап көрсөтүүдө. Буга Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Ак-Муз айылдык аймагы мисал боло алат. Бул аймакта жергиликтүү кеңеш “Айылдын өнүгүүсү” аттуу конкурсту жайылтуу демилгесин көтөрүп, айыл өкмөтү үчүн натыйжалуулуктун индикаторун белгиледи. Бул конкурста байге – кайсы көчөнүн жашоочулары жергиликтүү өз алдынча башкарууга көбүрөөк катышса, ошол көчөдөгү инфраструктурага инвестиция артыкчылыктуу түрдө берилет.

[1] http://vap.kg/ky/press_room/press/full/125.html
[2] http://vap.kg/ru/press_room/publications/full/187.html

# ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ

Бул түрмөк Өнүктүрүү саясат институтунун, ЖӨБ Союзунун биргелешкен аракети менен даярдалды. Аларга "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору колдоо көрсөттү. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат (ЭҮЖӨБОЖ Долбоору). Консультанттар: ***Бектурган ОРОЗБАЕВ, Нуржан КОЖОШЕВА, Нуржан МАМЫРАЛИЕВА***

## ЖӨБ менен ЖМАнын өз ара мамилелери тууралуу

**ЖӨБ органдарынын же анын жетекчилеринин кайсы пландарын жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын башчылары бекитe алат же муну жасашы керек?**

Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын ченемдерине ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрация ЖӨБ органдарынын ишине кийлигишүүгө жана ЖӨБ органдарынын кандайдыр бир өнүгүү программаларын (пландарын) жана башка документтерин бекитүүгө укугу жок. Мындан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү мамлекеттик администрацияга өздөрүнүн өнүгүү программаларын (пландарын) жана башка документтерин бекитүү үчүн берүүгө милдеттүү эмес.

Ошону менен бирге жергиликтүү мамлекеттик администрация өз ишин мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарууга катышууга жарандардын конституциялык укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү аркылуу тиешелүү аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз байланышта жүзөгө ашырат ("Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренеси). "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрация аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоорун бекитет, аларды аткарууну уюштурат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү мамлекеттик администрацияга алардын суроо-талабы боюнча өз планын берүүгө укуктуу, муну менен жергиликтүү мамлекеттик администрация райондун социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдап, бекитип жатканда эсепке алышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү жамааттары тарабынан түздөн-түз же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары аркылуу жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жана алардын кызмат адамдары өз иштеринде жергиликтүү кеңешке отчет беришет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 112-беренесинин 3-бөлүгү боюнча, жергиликтүү кеңештер мыйзамга ылайык, жергиликтүү бюджеттерди бекитет, алардын аткарылышын контролдойт, жергиликтүү жамааттын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн жана калкты социалдык коргоонун программаларын бекитет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 113-беренесине ылайык, мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекет жана анын органдарынын алдында мыйзамдардын аткарылышы үчүн, жергиликтүү жамааттын алдында – өз ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликтүү болушат.

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрация жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өзүнүн өз ара мамилелер бөлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарды жетекчиликке алат.

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрация аткаруу бийлигинин мамлекеттик

органы катары райондун аймагында Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын макулдашылган иштерин, алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттерин камсыз кылат.

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, райондун аткаруу бийлигинин органдары өз ишин жалпы мамлекеттик жана жергиликтүү кызыкчылыктарды айкалыштыруу, мамлекеттик администрация менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун иш-милдеттерин жана ыйгарым укуктарын ажыратуу принциптеринин негизинде жүзөгө ашырат. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү мамлекеттик администрация менен өз ара мамилелери иш-милдеттеринин чегин ажыратуу, кеңешке жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга өздөрүнө таандык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген ыйгарым укуктарды берүү принцибинин негизинде түзүлөт. Мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү кеңештердин компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укуксуз. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, шаардык, айылдык, райондук кеңештин сессиясында аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү жана алардын аткарылышын контролдоо маселелери чечилет.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 47-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, айыл өкмөтү аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү программаларынын долбоорун иштеп чыгат жана алар айыл кеңеши тарабынан бекитилгенден кийин аткарылышын камсыз кылат.

# Берилген ыйгарым укуктар боюнча отчеттуулук жөнүндө

**Берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча органдар жана ЖӨБ органдарынын башчыларынын отчеттуулугунун бекитилген формасы барбы? Мындай отчетту берүүнүн бекитилген тартиби барбы?**

Отчеттуулуктун формасы, аны берүү мөөнөттөрү жана тартиби тийиштүү мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө келишимде же мыйзамда белгилениши керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 113-беренесине ылайык, мамлекеттик органдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамда каралган ыйгарым укуктарына кийлигишүүгө укуксуз. Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик органдарга отчет беришет.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда мамлекеттик органдарга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө документтерди жана башка маалыматтарды берүүгө, тиешелүү мамлекеттик органга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышынын натыйжалары жөнүндө отчетту өз убагында берүүгө милдеттүү.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген мөөнөттөрдө тиешелүү мамлекеттик органга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы жана аларды аткаруу үчүн бөлүнгөн материалдык жана каржылык каражаттардын пайдаланылышы тууралуу отчетторду берет. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген мөөнөттөрдө берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышы тууралуу отчетторду бербеген учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мыйзамда же келишимде каралган жоопкерчиликти тартат.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жүзөгө ашырылышын контролдоону тиешелүү мамлекеттик орган берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө жергиликтүү өз ал-

дынча башкаруу органдарынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын аткарылышынын натыйжалары жөнүндө отчетторду кабыл алуу аркылуу жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №145 Токтому менен Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө Типтүү келишим бекитилген. Аталган токтомдун 2-пунктуна ылайык, министрликтер, административдик ведомстволор жана башка мамлекеттик органдар берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды Типтүү келишимдин негизинде иштелип чыккан келишимге ылайык ишке ашырууга тийиш. Типтүү келишимдин 3.1-пунктуна ылайык, мамлекеттик орган мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүдө аны аткаруунун жана материалдык, финансылык жана башка каражаттарды пайдалануунун натыйжалары жөнүндө маалымат берүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын отчетторунун формаларын бекитүүгө укуктуу. Типтүү келишимдин 4.2-пунктуна ылайык, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы төм. милдеттүү: ай сайын (квартал сайын, жарым жылда бир жолу, жылдын аягында) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун жыйынтыктары жөнүндө мамлекеттик органга отчет берүүгө; квартал сайын (ай сайын, жарым жылда бир жолу, жылдын аягында) берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууга бөлүнгөн финансылык каражаттарды пайдалануу тууралуу финансылык отчет берүүгө милдеттүү. Типтүү келишимдин 7.1-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы мамлекеттик органдын аймактык башкармалыгына төмөнкүлөрдү берүүнү камсыздайт: ай сайын 10унан кечиктирбестен (квартал сайын, жарым жылда бир жолу, жылдын аягында) мамлекеттик орган тарабынан бекитилген жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен макулдашылган форма боюнча берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун жыйынтыктары жөнүндө отчетту; квартал сайын 10унан кечиктирбестен (ай сайын, жарым жылда бир жолу, жылдын аягында) мамлекеттик орган тарабынан бекитилген жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы менен макулдашылган форма боюнча берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашырууга бөлүнгөн финансылык каражаттарды пайдалануу тууралуу финансылык отчетту. Типтүү келишимдин 8.4-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары тарабынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын ишке ашырылышын контролдоону тиешелүү мамлекеттик орган ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда же келишимде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынан берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун натыйжалары жөнүндө отчетторду кабыл алуу аркылуу ишке ашырат.

# Эл каттоону жергиликтүү бюджеттен каржылоо тууралуу

**Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзуна анын мүчөлөрүнөн – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан кайрылуулар түшүп жатат. Ал кайрылууларда ЖӨБ органдары райондук администрация башчыларынан кат алып жатышканы, ал катта Өкмөттүн токтомунда каралган иш-чараларды аткаруу үчүн акча бөлүү зарыл экени айтылат. Сөз Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-октябрындагы №690 “Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө” токтомунда каралган иш-чаралар тууралуу болууда.**

«Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында эл жана турак жай фондун каттоону даярдоо, жүргүзүү, анын жыйынтык маалыматтарын иштеп чыгуу жана жарыялоо үчүн жоопту мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана анын аймактык статистикалык бөлүмдөрү же алардын укук мураскорлору болуп саналат.

Ошол эле маалда аталган Мыйзамдын 3-беренесинде эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана жүргүзүү боюнча иш-чараларды мамлекеттик бийлик органдары, берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкактарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырат деп белгиленген.

Аталган Мыйзамды ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-октябрындагы №690 "Кыргыз Республикасында 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" токтому кабыл алынган. Анын 9-10-пункттарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын токтом менен каралган иш-чараларга катышуусу макулдашуу боюнча аныкталган.

Бул маселе боюнча Улуттук Статкомдун жана ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүп берүү зарыл. Ошондой эле «Эл жана турак жай фондун каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бекем сактоо керек. Ага ылайык, эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана жүргүзүү боюнча иш-чараларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкактарында ишке ашырат.

Белгилүү болгондой, КР Конституциясынын 3-беренесинин 4-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын иш милдеттери менен ыйгарым укуктарын так ажыратуунун принциптерине негизденет. Мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

КР Конституциясынын 113-беренесинин 2-пунктуна ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар мыйзамдын же келишимдин негизинде берилиши мүмкүн. Ошол эле маалда "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын 3-4-5-беренелеринде каралган талаптар сакталууга тийиш.

Ошондой эле "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренеси менен мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүгө төмөнкү учурда уруксат берилет: мамлекеттик бийлик органдары мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга зарыл болгон материалдык, финансылык же башка ресурстарды, анын ичинде максаттуу трансферттерди (субвенцияларды) республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке которуу менен өткөрүп берсе, буга уруксат берилет.

Максаттуу трансферттер (субвенциялар) өзүнө адиске төлөнгөн эмгек акыны, жол чыгымдарын, адистин квалификациясын жогорулатуу үчүн окутууга чыгымдарды жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн зарыл болгон башка финансы чыгымдарын камтыйт.

Жогоруда айтылгандарды эсепке алуу менен, эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана аны өткөрүү боюнча иш-чараларды Улуттук статистика комитети жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп бербегендиктен бул максатта жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү мыйзамдарга каршы келет жана бюджеттик каражатты максатсыз пайдалануу катары бааланышы мүмкүн.

# Мектепти каржылоого кеткен чыгымдар тууралуу

**2020-жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорунда орто мектептерди каржылоого кеткен чыгымдарды пландаш керекпи?**

2019-жылдын 22-мартында Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри менен өткөн кеңешменин №17-1321 Протоколунун III Бөлүмүнүн 1-пунктуна ылайык, орто билим берүүчү мекемелерди (мектептерди) каржылоону жергиликтүү бюджеттен республикалык бюджетке которуу баскыч-баскычы менен жүргүзүлөт:

- 2020-жылы – айылдык аймактардагы орто билим берүүчү мекемелер;
- 2021-жылы – райондук жана облустук маанидеги шаарлардагы орто билим берүүчү мекемелер;
- 2022-жылы Бишкек жана Ош шаарларындагы орто билим берүүчү мекемелер.

Бирок аталган Бөлүмдүн 2-пункту менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке орто билим берүүчү мекемелерди республикалык бюджетке каржылоого которууга байланышкан тийиштүү иштерди жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү тездетүү тапшырмасы берилген.

Ошентип, ченемдик укуктук актыларга белгиленген өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин орто мектепти күтүүгө кеткен чыгашаларды жергиликтүү бюджетке, анын ичинде 2020-жылга жергиликтүү бюджеттин долбооруна киргизүү зарыл. M

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун юристи
**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА** даярдады

## "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу

2019-жылдын 12-апрелиндеги №48 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" КР Мыйзамы кабыл алынды. Өзгөртүүлөр административдик кызматтардын стажына, класстык ченине жана кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказга карата талаптарда болду. Кабыл алынган Мыйзамга ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын стажына мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардагы, анын ичинде СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндөгү мөөнөттүү кызматтагы эмгек ишинин, мурдагы СССРдин партиялык, комсомолдук жана мамлекеттик органдарынын аппараттарындагы ишинин, ошондой эле убактылуу болбогон кызматчынын ордун ээлөө боюнча эмгек ишинин убактысы кирет.

Мыйзам класстык чен муниципалдык кызматтын класстык чени бар мамлекеттик жарандык кызматчыларга кандай учурларда берилбей турганын тактайт:

мамлекеттик кызмат ордуна дайындалгандан кийин муниципалдык кызматчыларга ыйгарылуучу класстык чени бар кызматчыга мурдагы кызмат орду боюнча муниципалдык кызматтын тийиштүү класстык ченине ылайык келген мамлекеттик жарандык кызматтын класстык чени баа берүү жүргүзүлбөстөн ыйгарылат;

муниципалдык кызмат ордуна дайындалгандан кийин мамлекеттик жарандык кызматчыларга ыйгарылуучу класстык чени бар кызматчыга мурдагы кызмат орду боюнча мамлекеттик кызматтын класстык ченине ылайык келген муниципалдык кызматтын класстык чени баа берүү жүргүзүлбөстөн ыйгарылат;

аскердик же атайын наамдары, атайын класстык чендери, дипломатиялык рангдары бар кызматчыларга бул аскердик же атайын наамга, атайын класстык ченге, дипломатиялык рангга ылайык келген класстык чен баа берүү жүргүзүлбөстөн ыйгарылат.

Айрым ченемдердин ашыкча детализациясы алып салынды же ишке ашырууда практикалык оордугу эсепке алынды. Ички жана Улуттук резервде болгон адамдардын ичинен конкурс өткөрүш керек болгондуктан, эгерде бул конкурстар өтпөй калса же анын натыйжасында талапкер тандалбай калса, ачык конкурсту 10 күндүн ичинде өткөрүү оор болгондуктан Мыйзамдан "бош кызмат орду пайда болгондон кийин 10 жумушчу күндүн ичинде" деген сөз алып салынды.

Мыйзам дагы бир ченем менен толукталды: Аскер кызматына чакырылганына же аны алмаштыруучу альтернативдүү жарандык кызматка жөнөтүлгөнүнө байланыштуу кызматынан бошотулуп жаткан кызматчы, чакыруудан кайтып келгенден кийин, бир айдын ичинде анын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде, тиешелүүлүгүнө жараша ошол мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кадрларынын ички резервине киргизилет.

Мыйзамга тараптардын эркине байланышпаган жагдайлар боюнча мамлекеттик органындагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органындагы кызмат төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн болгон дагы бир себеп кошулду – мамлекеттик жана муниципалдык кызматка кабыл алуунун белгиленген эрежелерин бузганда токтотулат.

Мыйзамга Өкмөттүн чечими боюнча мамлекеттик тапшырыктын алкагында саясий мамлекеттик кызмат орундарын, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган адамдар да окутулушу мүмкүн деген толуктоо киргизилди.

Мыйзам менен кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказ Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясына берилди. Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору КР Жогорку Кеңешине буга байланыштуу өз сунуштарын жиберген. Ошондой эле Долбоор Кыргыз Республикасынын Мамлекет-

тик кадр кызматынын жетекчилиги жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары – ушул Мыйзам долбоорунун демилгечилери менен жолугушууларды өткөргөн. Анда өзгөчө муниципалдык кызматчыларды окутууну өткөрүү үчүн билим берүүчү уюмдарды конкурс менен тандап алуу ченемин сактап калуу максаты коюлган. Бул ченемди колдонуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилиши керек. Ал мамлекеттик сатып алуулар жол-жобосун колдонуу, билим берүүчү уюмдарды жана консультант-тренерлерди конкурстук жол менен тандап алуу жагында мамлекеттик заказды ишке ашыруунун механизмдерин аныктоо максатын көздөйт.

## Административдик-аймактык реформаны өткөрүү боюнча кеңеш тууралуу

КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-апрелиндеги №107-б Буйругу менен Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоону этап-этабы менен жүргүзүүнүн жол картасын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17- беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны даярдоо жана жүргүзүү боюнча координациялык кеңеш түзүлдү. Анын курамына Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри, КР ЖК депутаттары, министрлер жана мамлекеттик агенттиктердин жана ведомстволордун төрагалары, ЖӨБдүн аткаруу органдарынын башчылары, ЖӨБ Союзунун директору жана көз карандысыз эксперттер кирди. Координациялык кеңештин төрагасы Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри, ал эми Координациялык кеңештин төрагасынын орун басары – Кыргыз Республикасынын Экономика министри болот. КР Өкмөтүнүн ушул эле Буйругу менен “Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны даярдоо жана жүргүзүү боюнча координациялык кеңеш жөнүндө” Жобо бекитилди. Аталган Жобо Координациялык кеңештин ишинин тартибин аныктайт.

## Пробация жөнүндө

2019-жылдын 24-апрелиндеги №56 “Пробация институтун киргизүү маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы кабыл алынды. Мыйзам менен «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-бөлүгүндөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилиши мүмкүн болгон негизги мамлекеттик ыйгарым укуктар 17-2-пункту менен толукталат. Ал: “пробация органдарына учурдагы милдеттерди чечүүгө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөктөшүү”.

Белгилей кетсек, буга чейин жогоруда айтылган Мыйзамдын долбоорун талкуулоо баскычында “пробация органдарына учурдагы милдеттерди чечүүгө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөктөшүү” маселеси жергиликтүү маанидеги жаңы маселе катары киргизүү сунушталган. Бул үчүн “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 18-беренесине тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилмек. Мамлекеттик органдардын компетенциясына тиешелүү болгон мындай түрдөгү иш-чаралар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына да тиешелүү болот. Бул болсо жалпысынан КР Конституциясынын 3-беренесинин 4-пунктунда каралган мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү тууралуу конституциялык ченемге карама-каршы келет. Мындан тышкары КР Конституциясы жана “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамы “жергиликтүү маанидеги маселелер” түшүнүгүн тиешелүү аймактын калкынын тумуш тиричилигин камсыз кылган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары чечкен, ошондой эле жарандар өз эркин түз билдирүү жолу менен чечилген маселелер катары аныктаган.

Жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмесин жүйөсүз жана кайра-кайра өзгөртө берүү аларды формалдуу түрдө эле бекитип коюп, бирок иш жүзүндө аткарылбай калуусуна же натыйжасыз аткарууга алып келмек. Атүгүл КР Бюджеттик кодексинин 49-беренесинин 3-бөлүгү мамлекеттик органдарга билип туруп тиешелүү компенсацияны камсыз кылбастан жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын көбөйтүүгө алып келүүчү иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди

кабыл алууга тыюу салат. Жогоруда айтылгандарды эсепке алуу менен, Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору Жогорку Кеңешке өзүнүн сунуштарын жиберди. Мыйзамдын долбооруна КР Конституциясынын талаптарын эсепке алган сунуштар Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар Союзу менен бирге даярдалды. Мындан тышкары КР Жогорку Кеңешинин депутаты К.БОКОЕВ ушул мыйзам долбоорун талкуулоо боюнча тийиштүү мамлекеттик органдар жана көз карандысыз эксперттер менен жолушууну уюштурду. Өз кезегинде депутат К.БОКОЕВ "пробация органдарына учурдагы милдеттерди чечүүгө жана пробациянын конкреттүү иш-чараларын аткарууга көмөктөшүү" маселесин жергиликтүү маанидеги маселеден ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилсе боло турган мамлекеттик ыйгарым укуктарга өткөрүү тууралуу Жогорку Кеңештин Профилдик комитетинин жыйынында сунуш кылды. Ошентип, бул маселе жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына аны аткаруу үчүн материалдык, финансылык жана башка ресурстарды кошо берүү менен өткөрүлүп берилсе боло турган мамлекеттик ыйгарым укуктардын тизмегине кошулду.

# Балдарга карата ырайымсыз мамилени жана зомбулукту болтурбоо тууралуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №82-б Буйругу менен балдарга карата ырайымсыз мамиленин жана зомбулуктун алдын алуу жана болтурбоо максатында, Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодексине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык, 2019-2020-жылдары Балдарга карата ырайымсыз мамиленин жана зомбулуктун алдын алуу боюнча чукул чаралардын Планы бекитилди. Буйрукка ылайык, министрликтерге, административдик ведомстволорго, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына (макулдашуу боюнча) Планды белгиленген мөөнөттө милдеттүү түрдө аткарылышын камсыз кылуу тапшырмасы берилди.

План бардык ЖӨБ органдарынан ырайымсыз мамилеге кабылган жана зомбулук көргөн балдарга социалдык кызматтарды көрсөткөн борборлорду түзүүгө муктаждыкты аныктоону жана зарыл болгон учурда мындай борборлорду мамлекеттик социалдык заказдын алкагында түзүүнү талап кылат.

Бишкек жана Ошко карата План башка иш-чараларды да өткөрүүнү караштырат. Алар:

- балдар, ата-энелер, мугалимдер, балдар менен иштеген жана алардын кызыкчылыгында иш алып барган адистер үчүн адаптацияланган, балдар укуктары тууралуу радио-телеберүүлөрдү уюштуруу;
- балдарга карата ырайымсыз мамиле жана зомбулуктун эч бир түрү жасалбашы керектиги тууралуу, ушундай окуяларга күбө болгон учурда тартип коргоо органдарына жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин аймактык бөлүмдөрүнө кабарлоо керектиги жөнүндө калк арасында маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;
- адеп-ахлактык тарбиялоо, үй-бүлөлүк баалуулуктар, балдарды коргоо жана ата-энелердин балдарды тарбиялоодон жана окутуудан качуусуна, балдарга карата ырайымсыз мамилеге жана зомбулукка болгон жоопкерчилик маселелери боюнча жаштар жана жаш үй-бүлөлөрдүн катышуусу менен иш-чараларды өткөрүү;
- «Зомбулукка жол жок», «Сен укуктуусуң», «Жаңы кылымдагы баланын укуктары» темасында иш-чараларды өткөрүүнү уюштуруу;
- балдарга карата катаал мамилени жана зомбулукту болтурбоого багытталган маалыматты жарнама такталарына жана баннерлерге жайгаштыруу;
- интернат тибиндеги балдар мекемелеринде жашаган балдарды маалыматтык-аналитикалык базага киргизүүнү автоматташтыруу;
- "Балдар үчүн ишеним телефону – 111" Борбору күнү-түнү иштеп жатканы, балдарга карата ырайымсыз мамиле жана зомбулук болгон учурда маалымат берүү үчүн кайрылса болоору тууралуу балдарга жана улууларга маалымат берүү;
- оор турмуштук кырдаалда калган, анын ичинде ата-энеси жок үй-бүлөлөрдө тарбияланган балдардын дайындар базасын түзүү;
- балдарга карата ырайымсыз мамилелер жана зомбулук көрсөтүлгөн учурларды аныктоо максатында менчигинин түрүнө карабастан балдардын интернат мекемелеринин ишине мониторинг жүргүзүү.

# Швейцариянын Өнүктүрүү жана Кызматташтык Агенттиги (SDC) каржылаган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

Түрмөктү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси **Нургуль ЖАМАНКУЛОВА** даярдады, ӨСИ

Жалпы редакция – **Сабина ГРАДВАЛЬ,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жетекчисинин орун басары, ӨСИ



## ЖӨБ органдары мыкты практикалар порталынан эмнелерди күтөт?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнөн Мыкты практикалар порталынын мазмунуна, функцияларына жана кызмат көрсөтүүсүнө карата сунуштарын алып, бул багыттагы муктаждыктарын жана артыкчылыктарын аныктоо максатында 2019-жылдын жазында фокус-топтор өткөрүлдү. Бул фокус-топторго Кыргыз Республикасынын Ош, Жалал-Абад, Чүй, Нарын жана Ысык-Көл облустарынын ЖӨБ органдарынын башчылары, жооптуу катчылары, финансы-экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери жана кызматкерлер катышты.

"Катышуучуларга олуттуу тапшырма берилди – алар Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Мыкты практикалар порталында жайгаштырыла турган маалыматтардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүнө муктаждыкты аныкташы керек. ЖӨБ органдары Мыкты практикалар порталынан кандай кызмат көрсөтүүлөрдү күтөөрүн, башка ЖӨБ органдарынын иш практикасы тууралуу кандай маалыматтарды алгысы келээрин, өз чөйрөсүндө Порталда кандай мыкты практикаларды каалай турганын, кайсы маморгандар жана уюмдар менен көп иштешээрин (мисалы, Финансы министрлигинен, Мамлекеттик кадр кызматынан, прокуратурадан, Эсеп палатасынан, ЖӨБЭММАдан, ЖӨБ Союзунан, Өнүктүрүү саясат институтунан ж.б.) жана алардан кандай жаңылыктар, маалыматтар же түшүндүрүүлөр керек экенин сүрөттөп бериши керек эле", - деп айтып берди ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси Гуляим ШАМШИДИНОВА.

Фокус-топтордун катышуучулары өз сунуштарын берип гана тим болбостон, атүгүл башка облустардагы кесиптештери менен бөлүшкүсү келген мыкты практикалардын мисалдарын да келтиришти. Айталы, Бостери айыл өкмөтүнүн башчысы ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү балдар үчүн инклюзивдик билим берген Реабилитациялык борбор тууралуу айтып берди. Ал облустун аймагын-

да мындай эки гана борбор бар экенин белгиледи. Бул демилгени ишке ашыруунун натыйжасында буга чейин үйүнөн чыкпай билим алууга мажбур болгон ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү 12 бала аныкталган. Ысык-Көл облусунун Ак-Чий айыл өкмөтүнүн башчысы Максат ДОРБАЕВ да өз муниципалитетинин жетишкендиктери тууралуу айтып берди. Учурда бул муниципалитет өздөрү кызматташкан өнөктөш донордук уюмдар үчүн демо-объекттердин бирине айланган.

Бардык катышуучулар эгерде алардын тажрыйбалары Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну жаңы деңгээлге чыгарып, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн потенциалын бекемдей алса, анда мыкты практика менен бөлүшүүгө даяр экенин белгилешти.

Сунуштар, пикирлер жана суроолор Кыргыз Республикасындагы ЖӨБдүн мыкты практикалар порталынын дизайнын даярдап жатканда сөзсүз эске алынат. Бул порталды түзүү демилгесин ЖӨБ иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) көтөргөн.

# Чүй, Ош жана Нарын облустарындагы 30га жакын элеттик муниципалитет өздөрүнүн СЭӨ программаларын даярдашат

2019-жылдын апрель айында Ош облусунун Ноокат районундагы Көк-Жар айылдык аймагында “Муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүгүү программасын даярдоо” темасына тренинг өтүп, ага атайын түзүлгөн Жумушчу топтун мүчөлөрү катышкан.

“Көк-Жар АӨ башчысынын 2019-жылдын 9-апрелиндеги №86 Буйругу менен 2020-2024-жылдарга Көк-Жар айылдык аймагынын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП) иштеп чыгуу боюнча Жумушчу топ бекитилди. Жумушчу топтун курамына ЖӨБ органдарынын, айылдык кеңештин, Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун жана Демилгелүү топтордун өкүлдөрү кирищти. Тренингдин жүрүшүндө алган көндүмдөрдү жана билимди биз муниципалитетибиздин СЭӨ программасын жана Биргелешкен иш-аракеттер планын даярдап чыгуу үчүн колдонобуз. Бул – тренингдин натыйжасы болот”, – деп айтты Көк-Жар айыл өкмөтүнүн сатып алуулар боюнча адиси Зайнидин АКБОТОЕВ.

Эки күндүк тренингдин алкагында анын катышуучулары СЭӨПны даярдоо жана иштеп чыгуу процесси менен таанышып, Жумушчу топтун иш планын даярдашты. Бул планда Жумушчу топтун ар бир мүчөсүнүн белгиленген көлөмдөгү иши үчүн жоопкерчилиги көрсөтүлгөн. Ошондой эле тренингдин катышуучулары муниципалитеттин учурдагы абалына кантип анализ жасаш керектигин үйрөнүп, Программанын жалпы максаттарынын долбоорлорун даярдап, муниципалитеттин өнүгүү багыттарын аныктаганды, максаттарды жана тапшырмаларды түзгөндү үйрөнүштү. Тренингдин катышуучулары СЭӨПны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын даярдап, өнүгүү программаларынын финансылык модели тууралуу маалымат алып, мониторинг жана баалоо пландарын иштеп чыгышты.

Ушундай эле тренингдер Чүй, Ош жана Нарын облустарынын аймагында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун 27 максаттуу муниципалитетинин өкүлдөрү үчүн өткөрүлөт[1]. Тренингдерге кошуна максаттуу эмес муниципалитеттердин да өкүлдөрү катышат.

2019-жылдын 23-апрель күнү Нарын облусунун Ак-Тал айылдык аймагында Жумушчу топтун алгачкы жыйыны өттү. Жумушчу топтун курамына жарандык коомдун өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттардын лидерлери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кирди (жалпысынан 19 адам катышты). Жыйындын жүрүшүндө Жумушчу топ өзүнүн СЭӨП иш планын даярдап алды. СЭӨПны жергиликтүү кеңеш бекиткенден кийин аны калк менен макулдашуу кийинки кадам болмокчу. Бул иштердин баары 2019-жылдын 1-июнуна чейин жасалат деп күтүлүүдө.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жарандык катышуу боюнча адиси, тренер Айнура БАЛАКУНОВАНЫН айтымында, тренингге Ак-Тал аймагынан катышкандар бул багыттагы билими менен таң калтырды: “Катышуучулар тренингге абдан даярданып келгени мен үчүн жагымдуу кабар болду. Дал ошондуктан бизде практикалык бөлүккө көбүрөөк убакыт артты. Практика маалында катышуучулар муниципалитетиндеги чөйрөлөр жана багыттар боюнча учурдагы кырдаалга анализ жасап, 2020-2022-жылдарга өз муниципалитетинин Социалдык-экономикалык өнүгүү планын даярдашты. Ошондой эле катышуучулардын гендердик балансы да абдан кубандырды – дээрлик 50х50 болду”.

[1] http://dpi.kg/ru/activity/projects/full/0/9.html



# Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттер боюнча түзүү: web-багытындагы тиркеме

2019-жылдын апрель айында Нарын шаарындагы Борбор Азия Университетинин базасында "Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттер боюнча түзүү" темасына тренинг өттү.

"Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттер боюнча түзүү үчүн WEB-тиркеме Швейцариянын Өнктүрүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – Долбоор) алкагында иштелип чыккан. Бул WEB-тиркеме жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 126-беренесине ылайык, жарандык бюджетти түзүү боюнча ишин жеңилдетүү максатында даярдалган. Ошондой эле бюджеттик маалыматтын бирдиктүү форматын жайылтуу максатын көздөйт. Тиркеме Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 26-декабрындагы №166-П Буйругу менен бекитилген "Жарандык бюджетти жергиликтүү бюджеттер боюнча түзүүнүн методикасынын" негизинде иштелип чыккан. Тренингдин практикалык бөлүгүндө бардык зарыл болгон маалыматтар WEB-тиркемеге киргизилет. Андан соң жашоочулар өзүнүн айылдык аймагынын жарандык бюджети менен http://gb.minfin.kg сайтынан тааныша алышат", – деп айтты тренер, Долбоордун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин райондук башкармалыгынын





жетекчилери да катышты. Тренингдин аягында алардын катышуусу менен жергиликтүү бюджеттер тууралуу маалыматтарды киргизүүнүн графиги түзүлдү.

Тренингдер ЭҮЖӨБОЖ Долбоору тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын Окуу борбору, ошондой эле Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностук мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик (ЖӨБЭММА) менен чогуу уюштурулду.



# Акимдер айылдык чогулуштарга эмне үчүн катышат? Райондук жергиликтүү мамадминистрациялар менен ЖӨБдүн ийгиликтүү өз ара аракеттенүүсүнүн мисалдары

2019-жылдын кыш мезгилинин этегинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чүй облусундагы төрт максаттуу муниципалитетинде айылдык чогулуштар өткөн эле. Иш-чаранын күн тартибине ылайык, чогулуштарда айыл өкмөт башчылары 2018-жыл үчүн Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын (СЭӨП), анын ичинде Биргелешкен аракеттер планын (БАП) ишке ашыруунун жыйынтыктары тууралуу калкка отчет беришти. Иш-чаралар ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын райондук мамлекеттик администрация жетекчилери – акимдер жана райондук мамлекеттик кызматтардын өкүлдөрү менен жыл сайын пландуу түрдө өтчү жолугушуулары менен айкалышты.

Акимдердин жана райондук мамлекеттик кызматтардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен айылдык чогулуштар төм. айылдарда өттү:

- Таш-Мойнок АА (Аламүдүн району),
- Фрунзе АА (Панфилов району),
- Кызыл-Туу АА (Сокулук району) жана
- Ак-Башат АА (Жайыл району).

“Эң жакшы жыйынтыктардын бири – бул иш-чаралар ЖӨБ органдары менен мамлекеттик бийликтин атынан райондук мамлекеттик администрациялардын тыгыз иш алып баруусу канчалык пайдалуу жана натыйжалуу болоорун көрсөттү. 2018-жылы СЭӨП жана БАПтын алкагында жасалган иштер тууралуу АӨ башчыларынын кенен отчетун баса белгилеш керек. Бул отчеттордо ар бир көйгөй боюнча так жана түшүнүктүү сандык, сапаттык маалыматтар берилген. Мындан тышкары чогулуштарда Биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун (БМжБТ) төрагалары да отчет беришти. Алар 2018-жыл үчүн АӨ ишине жүргүзүлгөн мониторинг жана баалоонун жыйынтыктарын беришти. Ошондой эле райондук мамлекеттик кызматтардын – РИИБ, РЭС, РАЙОНО, Салык кызматынын, Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин, веткызматтын, финансы башкармалыгынын, ДЭП, МАИ ж.б. өкүлдөрү да



өз ишинин жыйынтыктары менен бөлүштү, – деп айтып берди Долбоордун мыкты практика боюнча адиси Гуляим ШАМШИДИНОВА.

Ичүүчү суу, ички жолдорду оңдоо, электр линияларын төшөө жана көчөлөрдү жарыктандыруу, бала бакчалардын жетишсиздиги, мектептеги билим берүү, коомдук транспорт, балдардын борбордук көчөлөрдөгү коопсуздугу, спортту өнүктүрүү, жайыттар, сугат суу ж.б. өңдүү көйгөйлөр талкууланганы чогулуштун маанилүү бөлүгү болду. Эл болсо тигил же бул көйгөйдү чечүү боюнча ар кандай сунуштарды берди.

Суроо-жооптор бардык иш-чаралардын маанилүү учуру болду. Мында ЖӨБ органдары жана райондук кызматтардын өкүлдөрү жергиликтүү жамааттан түшкөн суроолорго жооп берип, сунуштарды угуп, жазып алышты. Бул чогулушта калк «кожо көзүнө» эмес, толук жоопторду алышты. Чогулуштун бардык тараптары өз мүмкүнчүлүктөрүнө жана пландалган ишине жараша жооп кайтарып жатты. Мисалы, “Эмне үчүн ЖӨБ органы РЭС менен чогуу бир көчөнүн ордуна катары менен эки көчөгө устундарды жана чырактарды орнотуп салбайт?” деген суроого АӨ башчысы бул жылы бюджетте ушул иш үчүн каражат каралбаганын, бирок кийинки жылдын бюджетине киргизүүгө аракет жасай турганын айтты. Ал эми РЭСтин өкүлү анын бюджетинде бул жылы бир гана көчөгө каражат бөлүнгөнүн, жазында бардык иштер жасала турганын айтты.

Жүрөктү өйүп бүткөн, РЭСтин кызмат көрсөтүүсүнө байланышкан дагы бир маселе өтө кызуу талкууга алынып, оң жагына чечилди.



Көпчүлүк адамдар инспекторлордун ишине жана электр энергиясы үчүн тарифтин жогору болгонуна, жалпысынан РЭСтин ишине даттанышты. Алар бир эле маселе боюнча районго бир нече жолу барып-келүүгө мажбур экенин айтышты. РЭСтин жетекчиси мындай кемчиликтерди мойнуна алды. Ал эми айылдык кеңештин төрагасы мындай сунуш берди: аптасына бир жолу РЭСтин инспектору айыл өкмөтүнүн имаратына келип, адамдарды кабыл алат. Бул болсо негизинен пенсионерлердин түйшүгүн жеңилдетмек. РЭСтин жетекчилиги бул сунушка макул болуп, бир жуманын ичинде маселени чечээрин айтты.

Жалпысынан чогулушка 660 адам катышты, алардын ичинен 265и – аялдар. Бул болсо катышуучулардын жалпы санынан 40 пайызды түзөт:

- Ак-Башат АА: 135 адам, алардын 44ү аялдар (32%);
- Таш-Мойнок АА: 192 адам, алардын 101и аялдар (53%);
- Фрунзе АА: 200 адам, алардын 48и аялдар (24%);
- Кызыл-Туу АА: 133 адам, алардын 72си аялдар (54%);




Мындан тышкары бул иш-чаралардын алкагында чогулуш өткөн ар бир муниципалитетте ЭҮЖӨБОЖ Долбоору райондук деңгээлде тажрыйба алмашуу сапарын уюштурду. Аларга 18 максаттуу эмес муниципалитеттин өкүлдөрү – АӨ башчылары, АК төрагалары жана жооптуу катчылар катышты. Ошондой эле райондук, облустук жана республикалык ЖМКнын өкүлдөрү да болду. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары жергиликтүү жамаат, ЖӨБ органы жана раймамадминистрациянын ортосундагы талкууларга жана мазмундуу отчеттуулукка күбө болушту.

“Чогулушка чейин биз маалымат өнөктүгүн өткөргөнбүз: муниципалитеттин жашоочуларын эл көп жүргөн жерлерге афишаларды жана жарыяларды илип, чакыруу барактарын таратып маалымдадык. Мындан тышкары маалыматтык бюллетенди даярдап, аны чогулуш маалында

бардык катышуучуларга, анын ичинде тажрыйба алмашуу үчүн келген конокторго таратып бердик. Түшүнүктүү болсун деп СЭӨПны жана БАПты ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча отчетту презентация форматында даярдадык", - деп айтып берди Ак-Башат айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары. Бул муниципалитет тажрыйба алмашуу максатында райондогу кесиптештерин өз алдынча чакырган.

"30-январда райондук деңгээлде, 5-февралда бардык райондордун катышуусу менен облустук деңгээлде коллегия өткөн. Ушул иш-чаралардан кийин айыл өкмөт башчылары менен биздин муниципалитеттердин жашоочулары менен да ушундай жолугушууларды уюштурууну чечтик. Ар бир аймакта, ар бир айылда жашоочулар үчүн актуалдуу болгон өз көйгөйлөрү бар. Бүгүнкү жолугушуунун негизги максаты – силердин мага, айыл өкмөт башчысына, айылдык кеңештин депутаттарына же төрагаларына, райондук кызматтардын жана ведомстволордун жетекчилерине даректелген суроолорду, сынынарды, сунуштарынарды угуу. Булардын баары бүгүн силер менен жолугушуу үчүн атайын келишти. Адамга эмне керек? Жакшы жол, таза суу, жарык. Бардык жерде бул маселелер бирдей эле. Буга байланыштуу биз бардык жерлерде күн тартибине бирдей программаны койдук – башчынын 2018-жылы жасаган иши туралуу Отчет, план-факт, силердин райондук кызматтардын дарегине суроолоруңар. Бүгүн өтө көп суроолор болду. Өзгөчө электр энергиясы жана анын тарифи боюнча суроолор көп. Бардык жетекчилер суроолорду жазып алышты, бул протоколго да кирди. Бир дагы суроо жоопсуз калбайт деп сөз берем. Бүгүнкү жолугушууга келип бергениңер үчүн рахмат", - деп айтты Фрунзе айылдык аймагынын тургундарына кайрылып жатып Панфилов районунун акими РАИМКУЛОВ Мелис.



# Кыргызстанда дагы бир айылдык аймактын расмий веб-сайты ачылды

2019-жылдын 4-апрелинде Ош облусунун Өзгөн районундагы Куршаб айылдык аймагынын расмий веб-сайты иштей баштады (www.kurshab.kg). Маалыматты жеткирүүнүн заман талабына жооп берген булагын түзүү демилгесин Куршаб муниципалитетинин ЖӨБ органдары көтөрүп чыккан.

Куршаб аймагынын веб-сайты "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун техникалык жана консультациялык колдоосу менен ачылды. Аталган Долбоорду Швейцариянын Өнүгүү жана Кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат.

Куршаб айыл өкмөтүнүн кызматкерлери Аскат АМИРАКУЛОВ жана Динмухаммед КАНЫБЕК уулу 2019-жылдын 4-5-апрель күндөрү Бишкекте практикалык семинарга катышкан. Анын жүрүшүндө сүрөттөрдү, маалыматтарды киргизгенди, бөлүмдөрдү толтурганды жана жалпысынан муниципалитеттин расмий веб-сайтын башкарганды үйрөнүшкөн. Семинар да ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында уюштурулган.

# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ



## Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын облустарындагы жана Бишкек шаарындагы 17 мектеп финансылык сабаттуулук боюнча Окуу-методикалык жыйнагын алат

Жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча глобалдык өнөктүктүн (GMW) алкагында 2019-жылдын 11-апрелинде "Финансылык эркиндиктин ачкычы" окуу-методикалык жыйнагын алууга сертификаттар тапшырылды. Сертификаттарды Global Money Week – 2019[1] иш-чарасынын жигердүү катышуучулары катары Бишкек шаарындагы жаңы конуштардагы мектептердин өкүлдөрү алышты.

"Биз "Финансылык эркиндиктин ачкычы" аттуу окуу-методикалык жыйнакты басып чыгаруу иштерин каржылап, мектептерге берип жатканыбыз үчүн абдан кубанып турабыз. Жаштарыбыз финансы каражатын туура башкаруу боюнча гана эмес, ошондой эле мектеп бюджети, мамлекеттик бюджет тууралуу сапаттуу билимге ээ болушу керек. Бул болсо биздин жаштарды чоң турмушка даярдайт", – деп айтты "Кредиттик Маалыматты Колдонуучулардын Ассоциациясы" КЮЖ башкы директору Акжолтой ЕЛЕБЕСОВА.

Ошондой эле "Халык Банк Кыргызстан" ААКтын Маркетинг башкармалыгынын жетекчиси Марина Олейникова да сөз алды: "Ушул окуу китебин каржылоо жагында Өнүктүрүү саясат институтунун демилгесин "Халык Банк" кош колдоп кабыл алды. "Финансылык эркиндиктин ачкычы" – бул окуучуларга финансы боюнча терең билим берип, акчаны башкарганды үйрөткөн өтө пайдалуу окуу китеби".

№3 мектеп-гимназиянын экономика мугалими ЗАГИДУЛИНА Рамзия пикири менен мындайча бөлүштү: "Бул – финансылык сабаттуулук боюнча уникалдуу окуу китеби! Ал балдарга акчаны туура колдонгонду үйрөтөт! Окуучуларга маанилүү темаларды жалпак тилде жеткирген өтө пайдалуу китеп!".

"Финансылык эркиндиктин ачкычы" окуу-методикалык жыйнагында финансылык сабаттуулук, жеке финансылык коопсуздук, акчаны натыйжалуу башкаруу, жарандардын финансы институттары менен байланышы, жеке бюджетти башкаруу көндүмдөрүн өздөштүрүү жана финансы долбоорлорун иштеп чыгуу маселелери каралган. Китеп жалпы билим берүүчү мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына даректелет. Мугалимдер бул окуу китебин жогорку класстын окуучуларын мектептеги компоненттин алкагында финансылык сабаттуулуктун негиздерине үйрөтүү үчүн, ошондой эле "Адам жана коом" айкалышкан курсу үчүн кошумча окуу китеби катары да колдоно алышат", – деп айтты Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВА.

---
[1] Global Money Week (GMW) – бул Child & Youth Finance International (CYFI) демилгеси менен балдарды жана жаштарды акча, киреше жана ишкерлик маселелерине тартуу үчүн жыл сайын өткөрүлүп турган билим берүүчү өнөктүк.

Өнүктүрүү саясат институтунун атынан GMW 2019 иш-чарасынын координатору Гузель ЖАНАЛИЕВА китеп биринчи жолу басылып чыккандан кийин, 2018-жылдын жай мезгилинен бери ӨСИнин дарегине аймактык мектептерден окуу китебин берүү өтүнүчү менен каттар келип жатканын айтты. Буга байланыштуу калган китептер Кыргызстандагы аймактык мектептерге жеткирилет. Мектептер китептерди "Банк Компаньон" ЖАКтын регионалдык филиалдарынан жана Өнүктүрүү саясат институтунан алса болот.

Бүгүнкү күндө окуу жыйнагын Ош, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын облустарындагы жана Бишкек шаарындагы 17 мектеп алууда.

**МААЛЫМАТ ҮЧҮН:**

"Финансылык эркиндиктин ачкычы" окуу-методикалык жыйнагы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 5-11-класстарынын окуучулары үчүн финансылык сабаттуулук боюнча Базалык компетенциялардын (билимдин, шыктардын, көндүмдөрдүн жана жүрүм-турумдун) стандарттарына шайкеш келет. Бул Стандарттарды 2016-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын калкынын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу Программасын ишке ашыруу боюнча Координациялык кеңештин төрагасы бекиткен.

Окуу-методикалык жыйнактын биринчи басылмасы Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) менен Билим берүү демилгелерин колдоо фондунун (ББДКФ) биргелешкен ишинин алкагында даярдалды. Китеп Швейцария Өкмөтү Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу каржылап, ӨСИ аткарган "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун финансылык колдоосу менен чыкты.

Окуу-методикалык жыйнактын экинчи басылмасы "Банк Компаньон" ЖАКтын, "Кредиттик Маалыматты Колдонуучулардын Ассоциациясы" КЮЖ жана "Халык Банк Кыргызстан" ААКтын финансылык колдоосу менен, Кыргыз Республикасынын Global Money Week – 2019 иш-чарасына катышуусунун алкагында чыкты. Global Money Week (GMW) – бул Child & Youth Finance International (CYFI) демилгеси менен балдарды жана жаштарды акча, киреше жана ишкерлик маселелерине тартуу үчүн жыл сайын өткөрүлүп турган билим берүүчү өнөктүк.

# Балдар менен жаштарга ыңгайлуу муниципалитеттер Социалдык-экономикалык өнүгүү планын даярдашат

"Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан" демилгесин жайылтуунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) менен биргеликте окуу тренингдерин өткөрдү. Тренинг "Муниципалитеттин Социалдык-экономикалык программасын даярдоо" темасы боюнча өттү.

Окууга Жалал-Абад жана Ош облустарындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери жана жергиликтүү кеңештердин депутаттары баш болгон 51 адам катышты. Жалал-Абаддан тренингдерге Таш-Булак, Курманбек, Багыш, Кызыл-Туу, Ырыс, Сузак айылдык аймактарынын жана Жалал-Абад шаарынын өкүлдөрү катышты. Ош облусундагы тренингге Алля-Анаров, Гүлистан айылдык аймактарынын жана Кызыл-Кыя, Ноокат шаарларынын өкүлдөрү келишти.

"Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан" демилгесинин жана "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу муниципалитет" долбоорунун негизги принциби – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнүгүү боюнча стратегиялык пландарына балдар менен жаштардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн киргизүү. Бул болсо келечек муунга өнүгүү жана Кыргызстандын жараны катары калыптануусу үчүн Өнүктүрүү саясат институту өзүнүн өнөктөшү "Толеранттуулук үчүн эл аралык фонду" менен чогуу өспүрүмдөрдүн муктаждыктарын жана артыкчылыктарын талдап чыккан. Ал эми СЭӨПны даярдоо ЖӨБ органынын негизги иш-милдеттерине кирет эмеспи. Кийинки кадам – максаттуу жана өнөктөш муниципалитеттерге шаарлардын Социалдык-экономикалык өнүгүү программаларын даярдоого жардам берүү. Андан кийин балдардын жана жаштардын аныкталган артыкчылыктуу көйгөйлөрү СЭӨПга киргизилет", – деп айтты ӨСИнин тренери Султан МАЙРАМБЕКОВ.

Тренингдин катышуучулары СЭӨПны даярдоо боюнча материалдар бир кыйла түшүнүктүү болгонун, мунун натыйжасында алар өз муниципалитетинин өнүгүү программаларын даярдай алышарын белгилешти. Багыш айылдык кеңешинин депутаты Анаркуль МАШАЕВА тренинг ага көп жаңы материалдарды бергенин, үйрөнгөндөрүн практикада колдонуп, жаңы СЭӨПны даярдоого катыша турганын айтты. Ал эми Ноокат шарынын вице-мэри Данияр ТАЖИБАЕВ буларды айтты: "Биз бүгүн СЭӨПны иш-

теп чыгуу боюнча жаңы билим алдык. Колдонуудагы Социалдык-экономикалык өнүгүү программаны жаңылап жатканда бүгүн үйрөнгөндөрдүн баарын эске алабыз".

Ушундай эле тренинг Чүй облусунун Ысык-Ата районунун муниципалитеттери үчүн 26-апрелде Кант шаарында өткөн. "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан" демилгеси Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) менен биргеликте, БУУнун Тынчтык куруу фондунун жана DFID'дин финансылык колдоосу менен ишке ашып жатат.

# МСЗ механизминин жардамы менен кандай маселелерди чечүүгө болот?




***"Мамлекеттик социалдык заказ" деген эмне? Кепилденген социалдык кызматтарды көрсөтүү үчүн ким жооптуу? ЖӨБ органдары кандай социалдык кызматтарды көрсөтөт? Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр өзүнө эмнелерди камтыйт жана алардын критерийлери кандай?***

Ушул жана башка суроолор "Жергиликтүү деңгээлдеги социалдык кызмат көрсөтүүлөр. Мамлекеттик социалдык заказды (МСЗ) киргизүү жөнүндө чечим кабыл алуу" темасына өткөн үч тренингде каралды. Бул тренингдер:

- 28-февралда Бишкек шаарында (Чүй облусунун Ленин жана Аламүдүн айыл аймактары),
- 1-мартта Кант шаарында,
- 5-мартта Нарын шаарында өттү.

Тренингдерге ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү, жергиликтүү жамааттардын лидерлери жана бейөкмөт уюмдар катышты.

Тренингдерди "Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин дараметин күчөтүү" долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту өткөрдү. Бул долбоорду Өнүктүрүү саясат институту АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) каржылаган Биргелешип башкаруу боюнча программанын колдоосу менен ишке ашырууда. Аталган Программаны Улуу Британиянын Эл аралык өнүктүрүү министрлиги (DFID) каржылайт жана Ист-Вест Менеджмент Институту жүзөгө ашырып келет.

Мамлекеттик социалдык заказ – республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржылоо менен камсыздалган, келишимдик мамилелерге негизделген, жүзөгө ашырууда юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди тартуу жолу менен калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүгө же башка коомдук пайдалуу максаттарга жетүүгө багытталган республикалык, тармактык, региондук же муниципалдык социалдык программалардын бөлүгүн ишке ашыруу механизми.

МСЗнын максаты - республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле юридикалык жактардын, жеке ишкерлердин жана жарандардын интеллектуалдык, кадрдык, материалдык жана башка ресурстарын тартуу жолу менен коомдун социалдык маанилүү көйгөйлөрүн чечүү жана коомдук пайдалуу максаттарга жетишүү.

«Социалдык кызмат көрсөтүү – бул татыктуу жашоону камсыз кылуучу шарттарды түзүү, ошондой эле оор турмуштук кырдаалдан улам келип чыгуучу көйгөйлөрдү чечүүгө көмөктөшүү максатында адамдарга жардам берүү боюнча аракет (2017-жылдын 28-апрелиндеги №70 "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" КР Мыйзамынын 1-беренеси). Ал эми 2001-жылдын 19-декабрындагы №111 "Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджеттердин мүмкүнчүлүктөрүн жана аймактын калкынын муктаждыктарын эске алуу менен кошумча социалдык кызматтардын аймактык тизмесин кабыл алышы мүмкүн". Кепилденген социалдык кызматтарды көрсөтүү КР Өкмөтүнүн атынан министрликтердин жана ведомстволордун, алардын аймактык структураларынын компетенциясына кирет", – деп айтты ӨСИ тренери Анара МУСАЕВА.

Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар кызмат көрсөтүүлөргө сереп жасап, кайсы социалдык кызмат көрсөтүү мамлекеттик, муниципалдык болуп саналат, кайсылары жергиликтүү маанидеги ма-

селелердин алкагына кирет, ал эми кайсы социалдык кызматтарды берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын алкагында ЖӨБ органдары ишке ашырат деп карап чыгышты. Ошондой эле катышуучулар "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Респубикасынын Мыйзамынын негизги жоболору менен таанышты.

Буга кошумча катышуучулар өз багыттары боюнча идеяларына анализ жасап, аларды мамлекеттик социалдык заказ аркылуу ишке ашыруунун мүмкүнчүлүктөрү менен таанышты. Айрым идеяларды катышуучулар МСЗ иш-чаралар планына да кошушту.

"Катышуучулар менен чогуу фасилитатордун ролун жана ишин карап чыктык. Бул адам талкуу маалында конкреттүү жыйынтыктарга жетүү аркылуу топту конкреттүү макулдашууга жеткирет. Фасилитациянын көндүмдөрү МСЗнын иш-чаралар планына кошула турган жумуштарды жасоо процессинде пайдалуу болот", – деп кошумчалады Анара МУСАЕВА.

2019-жылдын 5-мартында Нарында да 15 адам катышкан ушундай тренинг өттү. Тренингдин натыйжасында катышуучулар дайындар базасын түзгөндү жана жамааттын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыгын аныктоо боюнча изилдөө жүргүзгөндү үйрөнүштү. Текшерүү барагы (чек-лист) боюнча МСЗны ишке ашыруунун планын жана графигин даярдоо кийинки кадам болуп саналат.

Нарын шаардык кеңешинин депутаты Майрамбек САКЕНБАЕВ алган билимин Нарын шаарында МСЗны киргизүү маселесин шаардык кеңештин депутаттары менен талкуулоо процессинде колдоно турганын айтты. "Тренинг өтө кызыктуу жана пайдалуу болду. Өзгөчө муниципалдык жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү ажырата билүү боюнча сессиялар пайдалуу экен. Бүгүн мен алгоритмдин негизинде социалдык көйгөйлөргө анализ жасаганды үйрөндүм. Көрсө, МСЗ – бул ар бир муниципалитет үчүн өтө пайдалуу механизм экен", деп айтты депутат.

# Кыргызстанда "Өсүш башаты" катары белгиленген 18 шаардын арасында "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу шаар" аттуу конкурс жарыяланды

"Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан" демилгесин жайылтуунун алкагында "өсүш башаты" катары белгиленген 18 шаардын арасында "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу шаар" аттуу конкурс жарыяланды. Конкурстун шарты боюнча, муниципалитеттер өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарына тиешеси бар чечимдерди кабыл алып жатканда, ага балдар менен жаштар сөзсүз түрдө катышууга тийиш. Конкурс шаар балдар менен жаштарга канчалык ыңгайлуу болгонун баалоого багытталган. Конкурстун жалпы байге фонду 6 миллион сомду түзөт. Конкурстун катчылыгы – КР Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги (ЖИДСМА).



2019-жылдын 13-мартынан 15-мартына чейин ЖИДСМА Өнүктүрүү саясат институту менен биргелешип, БУУнун Балдар фондунун (ЮНИСЕФ) колдоосу менен Ош, Кара-Суу, Өзгөн, Жалал-Абад шаарларынын мэрия өкүлдөрү менен маалыматтык жолугушууларды өткөрдү. Бул жолугушуулар шаардык мэрияларга конкурс тууралуу толук маалымат берүү үчүн уюштурулду. Жолугушууларда конкурска катышууну чечкен шаарларга консультациялык жардам берилип, кийинки кадамдар такталды.

МААЛЫМАТ ҮЧҮН: Кыргыз Республикасында "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу шаар" эл аралык концепциясы киргизилип жатат. Бул концепция жергиликтүү деңгээлде "Балдар менен жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан" деп аталат. Концепцияда балдар менен жаштардын бакубатчылыгына байланышкан маселелерди чечүүдө алардын катышуусуна колдоо көрсөтүү стратегиясы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде инклюзивдик саясатты жана чечим кабыл алуу практикасын киргизүү, балдар менен жаштарга багытталган ресурстарды бөлүштүрүү иштери камтылган.

Булак: http://sport.gov.kg/news/view/idnews/3432